КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# «КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА ОКУУ»

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

окутуу орус, тажик, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн
жалпы билим берүү уюмдарынын 1-6-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Иштеп чыккандар:**

| | |
|---|---|
| **Батыркулова А. Б.** | Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к. |
| **Рысбаев С. К.** | Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери, п.и.д., профессор |
| **Оморова А. А.** | Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, ага окутуучу. |
| **Эсеналиева К. Э.** | Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту (РПККЖжКДИ). КРнын Эмгек сиңирген мугалими, п.и.к., профессор. |
| **Топоева-Ставинская Б. Б.** | Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер,."Кыргызтест" системасынын түптөөчүсү,."Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин директору |
| **Буйлякеева Р. К.** | Бишкек шаарындагы № 13 ЖББОМнин кыргыз тили мугалими |
| **Момункулова З.К.** | Бишкек шаарындагы № 13 ЖББОМнин башталгыч класстын мугалими |

**Рецензенттер:**

| | |
|---|---|
| **Садыкова К.** | И. Арабаев атындагы КМУнун мамлекеттик тил жана маданият институтунун Кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын ага окутуучусу |
| **Дюшеева Г.** | “Тил клаб” тил үйрөтүү курсунун негиздөөчүсү жана жетекчиси |
| **Калыкова Ы. М.** | Бишкек шаарындагы № 13 ЖББОМнин мамлекеттик тил боюнча директорунун орун басары |

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-6-класстары үчүн “Кыргыз тили жана окуу” боюнча окуу программасы “Кыргыз тили жана окуу” предметтик стандартына (2025).негизделип иштелип чыккан.

Аталган окуу программасы Кыргыз Республикасынын мектептеринде кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн усулу боюнча негизги стратегиясын, приоритеттүү багыттарын аныктайт, билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат. Башталгыч мектепте кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн усулу боюнча кыргыз тили жана окуу предметинин календарлык-тематикалык планынын, окуу китептерин жана окуу-методикалык комплексин, дидактикалык материалдарды, иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

МАЗМУНУ

I. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ ....................................................................................................................4

II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ ЖАНА КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР ...................................12

III. ПРЕДМЕТТИ ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ ........................................................................58

IV. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО ........................................................65

## ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

**Предметтин актуалдуулугу**

Кыргызстан — көп улуттуу мамлекет. Бул шартта мамлекеттик тил болгон кыргыз тилин билүү — коомдук жашоодо активдүү катышуу үчүн жана жарандык биримдикти чыңдоо үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Мында башталгыч мектептин окуучуларына билим, таалим-тарбия берүүдө кыргыз элинин улуттук нарк баалуулуктарын таанытуу абдан маанилүү, алар:

- жаш муундарга билим берүүнүн методдорунун гана эмес, анын максаттарынын, мазмунунун жана мөөнөттөрүнүн алыскы келечекти эске алуу менен каралышы;

- билим берүүгө болгон даярдык менен билим алууга болгон даярдыкты бири-бирине дал келтирүү боюнча чаралардын иштелип чыгышы жана ырааттуу ишке ашырылышы;

- окутуу процессинде акын, жазуучу сыяктуу адабият ишмерлеринин жана белгилүү инсандардын жашоосунан алынган мисалдарды келтирүү менен жаш өспүрүмдүн сыймык жаратуучу сезимин ойготуу. “Мен да ушундай болсом” деген сезимди орнотуу;

- окуучунун аң-сезимине адам менен жаратылыштын эриш-аркак өнүгө тургандыгы жөнүндөгү түшүнүктөрдү бекем орнотуу менен, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу, зыян келтирбегендей этияттык менен пайдалануу керек экендигин калыптоо;

- кенже окуучунун жарандык аң-сезимин калыптандырууда, өлкөнүн өнүгүшүндө, улуттук маданияттын сакталышында ар бир адамдын, өспүрүмдүн ролу зор экендигин ар учурда таңуулабастан жагдайга жараша эстетип туруу менен мында кыргыз тилин мамлекеттик тил катары билүүнүн орду өзгөчө маанилүү экендигине басым жасоо;

- мамлекеттик тил Кыргыз Республикасынын Туусу, Гимни жана Герби сыяктуу эле мамлекеттүүлүктүн ыйык символдорунун бири экендигин таанытуу;

- кыргыз жарандарынын, анын ичинде мектеп окуучуларынын бири-бирине өз ара урмат, ынак мамиле жана ынтымак, ошондой эле эне тилине, жашаган жерине болгон камкордук баа жеткис байлык экендигин;

- кыргыз салтындагы ата-бабаларды эскерүү, алардын сиңирген эмгегин, калтырган осуяттарын унутта калтырбоо;

- муундар арасындагы мамилелерди жөнгө салуу үчүн "улууга - урмат, кичүүгө - ызат" таянымын дайыма жандуу тутуу;

- туугандар, достор, жана кошуналар арасындагы өз ара баарлашуу, жардамдашуу, колдоо баалуулуктарын сактоо жана өнүктүрүү керектигин мугалимдин кесиптештерине болгон мамилеси аркылуу өрнөк көрсөтүп турушу;

- мамлекеттин эң чоң байлыгы анын жарандарынын саламаттыгы экендигин, анын кепилдиги сергек жашоо, дене тарбия менен спортто экендигин таанытуу;

- жаш өспүрүмдөрдүн өз ден соолугуна жана дене тарбиясына жоопкерчилик менен мамиле кылуу маданиятын калыптандыруу;

- ар бир окуучунун улуттук сыймыгын калыптоо өз элинин тарыхын, тилин, маданиятын жана салттуу баалуулуктарын таанып-билүүдөн, аларга урмат менен мамиле кылуудан башталарын жана башка улуттардын баалуулуктарын да сыйлоо керектигин үйрөтүү.

Балдардын келечекте өз элине кызмат кылуу дараметине жетүү үчүн заман талабына ылайык билим алуу, кесипкөйлүккө ээ болуу, эркин ой жүгүртүп, өз алдынча туура чечим чыгара алуу, максатына жетүүдө ар кандай тоскоолдуктарды жеңе билүү, эрки бекем, өз мекенин, элин чексиз сүйгөн инсан болуусу керек экендигине басым жасап, алардын көз

карашын калыптоо иши бир гана билим берүүдө эмес, ошондой эле мамлекеттик деңгээлде колго алынуусу зарыл.

Кыргыз тили республикабызда жашап жаткан түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн арасында рухий көпүрө болуп, аларды бириктирүүчү каражат деңгээлине жетишүүсү аркылуу кыргыз элинин байыртадан берки рухий казынасынын, тарыхынын, дилинин өлбөстүгү камсыздалат.

Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердеги «Кыргыз тили жана окуу» предмети башталгыч класстын окуучуларынын башталгыч коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө жана функционалдык сабаттуулукту калыптандырууга багытталган интеграцияланган предмет болуп саналат. Окутуу башталгыч класстардын окуучуларынын тил тажрыйбасын жана биринчи тилин эске алуу менен түзүлөт, бул баланын биринчи тилине көз карандылыктан оозеки жана жазуу жүзүндө кыргыз тилин өз алдынча колдонууга акырындык менен өтүүнү камсыз кылат. Предметтин өзгөчөлүгү өз ара байланышкан эки компоненттин интеграциясында: кыргыз тилин экинчи тил катары өздөштүрүү жана кепти, ой жүгүртүүнү жана таанып-билүү ишмердүүлүгүн өнүктүрүү каражаты катары кыргыз тилинде окуу. Интеграцияланган предметтин окуу бөлүгү тил үйрөнүүнүн, угуу, сүйлөө, окуу, жазуу көндүмүн өнүктүрүүнүн, көз карашын кеңейтүүнүн жана социо-маданий баалуулуктарды таанытуунун максаты жана куралы катары кызмат кылат. “Кыргыз тили жана окуу” интеграцияланган предмети окуучулардын кептик, тилдик, социо-маданий жана окурмандык компетенттүүлүктөрүнүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Бул ортоңку баскычта «Кыргыз тили» жана «Кыргыз адабияты» өз алдынча предметтерин ийгиликтүү үйрөнүүгө негиз болот.

Тилди экинчи тили катары окутуунун окуу программасын иштеп чыгуу лингвистикалык, психологиялык, педагогикалык жана маданий аспектилерди эске алган комплекстүү мамилени талап кылат. Мындай программаны түзүүгө окутуунун максаттарын жана милдеттерин коммуникативдик, тилдик, социомаданий, окурмандык компетенттүүлүктөрүн аныктоо жардам берет.

Максатка жетүү үчүн төмөнкү милдеттер ишке ашырылат:

**Таанып-билүүчүлүк (билим берүүчүлүк) милдети:**

- Кыргыз тилинде оозеки жана жазуу түрүндө баарлашуу максаттарына жетүү үчүн кыргыз тилин билүү деңгээлине ылайык лексикалык жана грамматикалык минимумду өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;
- тилдин маңызы жана кептеги өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу;
- баарлашуунун максаттарына жана кырдаалына жараша жана функционалдык керектөөсүнө карата тилдик каражаттарды тандап, туура колдоно алуу көндүмдөрүн калыптандыруу.

**Жүрүм-турумдук (өнүктүрүүчүлүк) милдети:**

- коммуникативдик өз ара аракеттенүүнүн турмуштук, билим берүү, таанып билүү, маданий чөйрөлөрүндө күнүмдүк баарлашуунун деңгээлинде кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) колдонуу көндүмүн өнүктүрүү;
- кыргыз тилинде мазмундуу окуу жана жазуу, маалыматтарды талдоо жана салыштыруу боюнча баштапкы көндүмдөрдү өнүктүрүү;

**Баалуулук (тарбия берүүчүлүк) милдети:**

- Кыргыз Республикасынын жараны катары кыргыз элинин жана өлкөнүн бардык этносторунун маданиятын, салттарын жана өзгөчөлүктөрүн урматтоого, көп тилдүү чөйрөдө өз ара аракеттенүү көндүмдөрүнө тарбиялоо;
- маданияттар аралык баарлашууда баалуулук катары тилдин ролу жөнүндө түшүнүктү өнүктүрүү;

- тил аркылуу теңдик, дискриминацияланбоо жана социалдык инклюзия принциптерин калыптандыруу
- жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасын өздөштүрүүсүнө, руханий, адеп-ахлактык, коммуникативдик жана көркөм маданияттын өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү.

Сабактын максаттарын төмөнкү компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу күтүлүүчү натыйжалар катары жазуу сунушталат.

**-ПК. Кептик компетенттүүлүк** – оозеки жана жазуу жүзүндөгү кепти түшүнүү жана түзүү, диалогго жана монологго катышуу, кулак менен кабыл алуу жана ар кандай типтеги тексттерди окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.

**2-ПК. Тилдик компетенттүүлүк** – кыргыз тилинин тил системасынын элементтерин (фонетика, лексика, грамматика) өздөштүрүү жана аларды темага, кырдаалга жана баарлашуу чөйрөсүнө ылайык кепте колдоно билүү.

**3-ПК. Социомаданий компетенттүүлүк** – сүйлөө адебинин нормалары, кыргыз маданиятынын салттары жана реалдуулуктары менен тааныштыруу, маданияттар аралык баарлашуу көндүмдөрүн өнүктүрүү, маданий көп түрдүүлүккө сый мамилени калыптандыруу.

Окуучулар өздөрүнүн тажрыйбасына, кызыкчылыктарына, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленген баарлашуу темаларынын, чөйрөлөрүнүн жана кырдаалдарынын чегинде Кыргызстандын маданиятына, каада-салттарына аралашып, маданият аралык баарлашуу шартында өз өлкөсүн, анын маданиятын башкаларга тааныштыра билиши керек. Окуудагы жалпы талаптарды жана атайын билгичтиктерди андан ары өнүктүрүү, тилдерди жана маданияттарды өз алдынча үйрөнүү ыкмаларын, бул үчүн жаңы маалымат технологияларын колдонууну балдарга жеткиликтүү түрдө тааныштыруу да бул компетенттүүлүктүн курамына кирет.

**4-ПК**. **Окурмандык компетенттүүлүк** – иллюстрациялардын жана башка каражаттардын жардамы менен кыргыз тилиндеги тексттерди экинчи тил катары аң-сезимдүү, эркин жана көркөм окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү.

Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди билүү деңгээлдери Жалпы Европа стандарттарынын негизинде иштелип чыккан «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптары боюнча таризделет. Окуучулардын мектепте алган билими жыйынтыктуу болуусу үчүн кыргыз тили боюнча окуу методикалык комплекстер (ОМК) Билим берүү жана илим министрлигинин предметтик стандартынын негизинде «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптарына жараша иштелип чыгып, анда көрсөтүлөн лексикалык жана грамматикалык минимумдар бекем сакталуусу зарыл.

1– 4-класстар үчүн "Кыргыз.тили жана окуу", 5-6-класстар үчүн “Кыргыз тили” жана “Кыргыз жана дүйнө адабияты” предметинин мазмуну **төмөнкү деңгээлдерге ылайык келет[1]:**

**Кыргыз тилин билүү деңгээлдери**

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде *кыргыз тили* – А1 (Элементардык (Баштапкы), тил чөйрөсү жок учурда), А1+ (Элементардык (Баштапкы), тил чөйрөсү бар болгон учурда), *кыргыз тили* – А2 (Базалык, тил чөйрөсү жок учурда), А2+ (Базалык, тил чөйрөсү бар болгон учурда), деңгээлдерине ылайык окутулат.

**Тил билүү деңгээлдери**

**1-таблица**

[1] «Мамлекеттик тилди билүү деңгээлине коюлган Талаптар. Элементардык деңгээл (А1), Базалык деңгээл (А2)» (Кыргыз Республикасы, "Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси), Бишкек – 2017.

| | Деңгээлдер | Тилдик чөйрө жок кырдаалда | Тилдик.чөйрө бар кырдаалда |
|---|---|---|---|
| **1. Башталгыч жалпы модель** | А0.Старттык | 1-класс | |
| | А1.1. Элементардык | 2-класс | 1-класс |
| | А1.2. Элементардык | 3-класс | 2-класс |
| | А1.3. Элементардык | 4-класс | 3-класс |
| **2. Негизги жалпы модель** | А2.1. Базалык | 5-класс | 4-класс |
| | А2.2. Базалык | 6-класс | 5-класс |
| | А2.3. Базалык | | 6-класс |

**Элементардык (баштапкы) А1 деңгээли 1-4-класстарды камтыйт.**
Бул баскычты өткөндөр төмөндөгүдөй коммуникативдик көндүмдөргө ээ болушат, т.а:

- окуткан мугалими, классташтары менен кыргызча таанышып, өзүн тааныштырып, учураша жана коштошо билүүгө;
- өзү, ата-энеси, бир туугандары, жашаган дареги тууралуу айтып берүүгө;
- жашаган, окуган аймагы, андагы обьектилер, жандуу-жансыз заттар, тамак-аш, кийим-кече, үй буюмдары, алардын санын, сапатын айтып берүүгө;
- өзүнүн жана түрдүү жандуу-жансыз заттардын турган ордун, кайда экенин, эмне кылып жатканын айта билүүгө;
- убакытты, жума күндөрүнүн, айлардын аталыштарын, жыл мезгилдерин кыргызча айта алууга;
- класстагы, мектептеги окуу-тарбия иштерине байланыштуу аткарылуучу иштерди түшүнүүгө, коюлган суроолорго кыргызча жооп бере алууга.

**2-3-4-класстар** ***тилдик жана сүйлөшүү көндүмдөрүнө машыктыруу мезгили болот*** да балдарды турмуштук жөнөкөй чөйрөлөрдө сүйлөшүп-пикирлешүүгө көнүктүрүү менен, баштапкы киришүү деңгээлиндеги көндүмдөрдү өнүктүтүү улантыла берет.

Мында деңгээлдик талаптардын түзүлүшү үч этаптан турат, алар: **баштапкы жөнөкөй, баштапкы орто**, **баштапкы толук**. Окуу материалдары да ушундай багытта, бирин-бири толуктап уланткан мүнөздө иштелип чыгат.

Бул деңгээлди басып өткөн окуучулар затты, санды жана кыймылды билдирген сөздөрдү жана жак, чак, жөндөмө мүчөлөрүн кебинде колдонуп, ***күндөлүк алыш-бериш, сурап алуу-сурап билүү аракеттерине жарап калышат. Тактап айтканда:***

- класста окуу ишмердүүлүктөрүнө жараша айтылган сөздөрдү, көрсөтмөлөрдү түшүнө билүүгө, мугалимдин суроолоруна жооп бере алууга;
- кыргызча уруксат, кечирим сурай алууга, нерсенин эмне экенин сурап билүүгө жана сурап алууга;
- өзүнүн үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар биринин ким экени, жашы, аткарган иштери, ата-энелерине, бир туугандарына жардам берүү тууралуу кыргызча маалымат бере алууга, ал тууралуу суроолорго жооп берүүгө;
- түрдүү жөнөкөй кырдаалдарга жараша берилген суроолорго кыскача, туура, так жооп бере алууга, өз оюн билдире алууга;
- аба ырайы, жаан-чачын, ага ылайык кийинүү, үй жаныбарларынын, жапайы айбанаттардын аттарын атай билүүгө;
- качан, каерде эмне кыларын, кайда барарын, учурда эмне кылып жатканын, буюмдун кимдики экенин, буюмдун канча, кандай экенин кыргызча айта алуу жана суроого так, туура жооп бере алууга көнүгүп калышат.

Базалык деңгээлдин талаптарынын түзүлүшүндө **базалык жөнөкөй, базалык орто** эки бөлүгү башталгыч класстардын 5-6-класстарына туура келет Окуу материалдары да ушундай багытта, бирин-бири толуктап уланткан мүнөздө иштелип чыгат. 5-6-класстар ***тилдик жана кептик көндүмдөрүнө машыктыруу, сабаттуулукту калыптандыруу, активдештирүү мезгили*** болот.

Бул деңгээлди басып өткөн окуучулар затты, заттын сынын, санын жана кыймыл-аракеттин түрдүү категорияларын билдирген сөздөрдү жана жак, чак, жөндөмө мүчөлөрүн кебинде колдонуп, ***күндөлүк алыш-бериш, сурап алуу-сурап билүү аракеттерине жарап калышат. Тактап айтканда:***

- бирөөнүн сураганын берерин же бербей турганын билдирет; күндү кандай өткөрө турганын айтып берет; бир нерсени өзү аткарарын айтып берет; келечекте ким болгусу келерин айтып, кебин аргументтеп түшүндүрөт.
- бир жакка кантип баруу керектигин сурап билет, ким кайдан, кантип келгендигин айтат; кыймыл-аракеттин себебин түшүндүрөт; ким жана эмне жөнүндө сөз болуп жатканын маалымдайт; заттын көлөм жана башка белгилерин салыштырат.
- заттын болжолдуу эсебин айтат, убакытты, күн белгилерин айтат, кубанууну, өкүнүүнү билдирет; заттын түрдүү белгилерин колдонот, салыштырат; заттын айланасында эмнелер бар экенин айтып сүрөттөйт;
- башкалардын сөзүнө кошулганын же кошулбаганын айтат, түшүндүрөт; башкалардын кебин толуктайт; маалыматтарды тактайт, суроо берет, кошумчалайт.
- жакын адамдын башкаларга тааныштырат; эмоцияларын билдирет; өз каалоо-тилек, ниеттерин билдирет; айлана-чөйрөнү сүрөттөйт, эмне болуп жатканын маалымдайт, окуяларды баяндайт.

**“Кыргыз тили жана окуу” предметин окутуунун негизги максаты** окуучулардын төмөнкү көндүмдөрүн калыптандыруу:

- күндөлүк турмуш-тиричиликтин түрдүү чөйрөсүндө жана турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргыз тилинде сүйлөшө билүү менен сабаттуу жазуу;
- ой-пикирин өз алдынча кыргыз тилинде билдирип, темага ылайык маектеше алуу;
- кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу түрлөрүндө иштөө;
- коммуникативдик мамилени уюштуруу менен окуучуну турмуштук түрдүү кырдаалдарда кыргызча сүйлөө маданиятына көнүктүрүү жана кыргыз тили аркылуу дүйнө таанымын өстүрүү;
- кыргыз тилинде жөнөкөй темада газеттик макаланы жана радиодон социалдык-маданий темадагы жөнөкөй берүүлөрдү түшүнө алуу;
- болуп өткөн же боло турган окуя тууралуу монологдук баяндоо, сүрөттөө жана ой жүгүртүү түрүндө пикирин билдире алуу;
- темага ылайык тексттин мазмунун түшүндүрүп өз сөзү менен айтып бере ал жана эң жөнөкөй темада текст түзө алуусун;
- эне тилинен кыргыз тилине же тескерисинче, кыргыз тилинен эне тилине сөздүктү пайдалануу менен которо алуу;

1. **Баланын өздүк жана күндөлүк турмуш-тиричилик чөйрөсү.** ***Буга төмөндөгү кирет:*** өзү, аты-жөнү, чоң ата, чоң энеси, бир туугандары, жашаган үйү, бөлмөсү, өздүк буюмдары, үй дареги, күндөлүк эрежеси, үй турмушу, бир туугандарына камкордук көрүү, ата-энеге жардам берүү, үй буюмдары, кийим-кечектер, эмеректер, идиш-аяктар, тамактануу, үйдө аткаруучу күндөлүк иштер, ата-энени сүйүү жана сыйлоо, бир туугандарына урматтоо менен мамиле жасоо, улууну урматтоо, кичүүнү ызааттоо, кыргызча учурашуу, таанышуу, кечирим суроо, уруксат суроо, куттуктоо, базардан, дүкөндөн сатып алуу, нерсенин саны, сапаты, эмненин кайда экендиги, убакыт, мезгил ж.б.
2. **Коомдук, социалдык-маданий чөйрө**. ***Буга төмөндөгү тематикалар кирет***: бала туулуп-өскөн, жашаган жана окуган айыл, шаар, көчө, айылдагы жана шаардагы социалдык шарттар, мектептер, түрдүү мекемелер (эс алуу жайлары, дүкөндөр, китепканалар, клуб, кинотеатр,

оорукана, спорт аянтчалары, музейлер, Кыргыз Республикасы, Ала-Тоо жергеси, Өкмөт үйү, зоопарк, базар), кыргыздын ыйык жерлери, улуттук майрамдар ж.б. тууралуу окуу материалдары жана ушул багыттагы сүйлөшүүлөр, экология, Ала-Тоонун жаратылышы, жыл мезгилдери, тоолору, суулары, көлдөрү, жаныбарлары, канаттуулары, жалпы үй жана жапайы айбанаттар, өсүмдүктөр, дарактар, жер-жемиштер, жашылчалар, аба ырайы, табиятты коргоо, камкордук көрүү, тазалыкты сактоо, тамактануу адеби, кийим кийүү адеби, коомдук жайларда жүрүм-турум адеби, телефондо сүйлөшүү адеби, бирөөгө кыргызча кайрылуу жана көңүлүн өзүнө бура алуу, тааныш-бейтааныш адамдарга мамиле жасоо, туулган күн, салттуу майрамдар, улуттук салттар, улуттук майрамдар, улуттук кийимдер, улуттук буюмдар ж.б.

3. **Окуу-таануу чөйрөсү. Буга төмөндөгү тематикалар кирет**: баланын туулуп-өскөн мекени, Кыргыз Республикасы, кыргыздын улуттук баатырлары, Манас, кыргыз эли, кыргыз жери, кыргыздын белгилүү адамдары, Кыргызстанда жашаган башка улут өкүлдөрү, баланын окуган мектеби, мектебинин дареги, классы, окуу куралдары, окуу эмгеги, окуткан мугалими, анын аты-жөнү, классташтары, мектептеги достору, окуу предметтери, кыргыз тили сабагы, мектептеги жүрүм-туруму, коомдук иштерге катышуу, мектеп короосу, андагы оюндар, мектеп бакчасы, окуу чейректери, каникулдар, ж.б.
4. **Эмгек жана кесип чөйрөсү. Буга төмөндөгү тематикалар кирет:** эмгектин мааниси, түрдүү кесиптер, кесип ээлери, ата-эненин кесиптери, бош убакыт, китеп, музыка, бий, музыкалык аспаптар, ийримдер, мектептеги окуу предметтери, завод, фабрика, теле-радио, театр, журналистика, актер, кинофильм, театр, спорттун түрлөрү, балдар эмнени каалайт, эмнени жактырат, келечекте ким болгусу келет, келечек максаттар, сүйгөн иши, кесиби.

### “Кыргыз тили жана окуу” предметинде кеп ишмердигин үйрөтүүгө коюлуучу талаптар жана алардын мазмуну

1. **Угуп түшүнүү ишмердүүлүгүндө (аудирование) окуучулар төмөндөгү көндүмдөргө ээ болуулары тийиш:**

–Мугалимдин кыргызча учурашуусун, кайрылуусун түшүнө билүү;

–Окууга байланышкан түрдүү кырдаалдарда мугалим жана классташташтары менен кыргызча мамилелешүүнүн тилин түшүнүү;

–Кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана сөздөрдү, сүйлөмдөрдү угуп, укканды угуп туура кайталап айта алуу, тексттерден тааныш жана бейтааныш сөздөрдү ажырата билүү;

–айлана-чөйрөдөгү буюмдардын, нерселердин, көрүнүштөрдүн кыргызча аталыштарын өздөштүрүү;

–бирөөнүн сураганын, түрдүү, жөнөкөй маалыматтарды угуп түшүнүү жана аларга жооп берүүгө машыгуу, түшүнүүгө кыйын болгон учурда таяныч материалдарды пайдалана билүү.

**2. Сүйлөө ишмердүүлүгү.**

**а) Жеке кеп (монологдук кеп):**

- өтүлүп жаткан материалдардын чегинде даярданып, чакан көлөмдө кеп билүү; анын ичинде:

–буюмдардын, же предметтик сүрөттөрдүн атын жана жекече белгилерин айтып берүү;

–кырдаалдык сүрөттөр боюнча элестүү жагдайларды баяндоо;

–сюжеттик сүрөттөр боюнча эң жөнөкөй кыймыл-аракеттерди кыргызча түшүндүрүп, өз оюн билдире алуу;

–берилген эң жөнөкөй тема боюнча даярданып, айлана-чөйрөдө болуп өткөн жана болуп жаткан кубулуштар жөнүндө чакан баяндама жасоого үйрөнүү.

**б) Маек кеби (диалогдук кеп):**

- Мугалим жана классташтары менен кыргызча учурашып, өз ара мамилелешүүдө, окууга байланыштуу жана башка кырдаалдарда сүйлөшүүгө активдүү катышуу;

–бирөөнүн сураганына, өтүнүчүнө жараша жооп бере алуу жана өзү да зарыл учурда керектүү маалыматты сурап билүүгө, бир нерсени сурап алууга үйрөнүү;

–турмуш-тиричиликти, көрүнүштөрдү чагылдырган эң жөнөкөй кырдаалда кыргызча мамилелеше билүү;

– кыргызча сүйлөшүү маданиятына үйрөнүү.

**3. Жазууга, окууга жана которууга коюлуучу талаптар**

А) Жазуу ишмердүүлүгүнө коюлуучу талаптар

–кыргыз тилиндеги тыбыштарды жана алар катышкан сөздөрдү, сүйлөмдөрдү көчүрүп жазууга машыгуу;

–угуп, чакан жат жазуу жазууга машыгуу;

–зарыл таяныч материалдардан пайдаланып, сүйлөмдөрдүн, маектердин үлгүлөрүн толуктай алуу.

**Б) Окуу ишмердүүлүгүнө коюлуучу талаптар**

–жөнөкөй сүйлөмдөрдү жана өтүлгөн материалдардын көлөмүндөгү чакан байланыштуу тексттерди үн чыгарып, ритми, интонациясы менен окуп өздөштүрүү;

–текстти окуп, ага карата суроо бере билүү, кайра өзү текстке таянып жооп таба алууга машыгуу.

3. **Окуу материалдарынын тематикалары**

Бул деңгээлдик “Кыргызтест системасынын деңгээлдик талаптарынын жана - лексикалык-грамматикалык минимумдарынын чегинде атайын иштелип чыккан материалдар, алар:

– мектеп, класс, окуучунун окуу куралдары, эмгек буюмдары, мугалим менен окуучунун окуу ишине байланышкан мамилелери жөнүндө;
– бала, анын үйү, үй-бүлөсү, үй буюмдары, жашы, кийим-кечеси, дене мүчөлөрү, ден соолук, үй-бүлөдөгү туугандык мамилелери, башка балдар менен болгон достук мамилелери тууралуу;
– бизди курчап турган дүйнө, жашаган коомдук чөйрө, Ата Мекени, борбор шаар, баланын үйү, короо жайы, убакыт, мезгилдер, анын кубулуштары, балдардын оюндары, үй жана жапайы айбандар жөнүндө;
– баланын турмуш чөйрөсүнө, түшүнүктөрүнө жакын нерселердин жана буюмдардын кайда, канча жана анын кимдики экендигин, кыймыл-аракети, бош убакытты туура пайдалануу тууралуу;
– жашаган аймагындагы коомдук жайлар, кыргызча кеп маданиятына жатыктыруучу материалдар;
– балдардын турмушун чагылдырган чакан, дүйнө таанымын кеңейтүүчү, шыктандыруучу тексттер, аңгемелер;
- кыргыздын элдик оозеки чыгармаларынан үзүндүлөр, ырлар, макал-лакаптар, табышмактар, жаңылмачтар ж.б.

5. Окуучулардын кептик компетенттүүлүгүн, практикалык машыгууларын жана жатыгууларын текшерүүдө төмөнкүлөр эске алынат:

А) Окуу ишмердүүлүгүндө: Окуу ылдамдыгы 1 минутада 30-60 муун, окуунун мүнөзү - муундап, бара-бара шар окуу. Тексттин көлөмү 4-10 сүйлөм, бир сүйлөм 2-4 сөздөн турат. Бейтааныш сөздөрдүн саны – 1%

Б) Жазуу ишмердүүлүгүндө: Сөздөрдү, сүйлөмдү катасыз, элементи менен жазууга (адегенде көчүрүп, кийинчерээк угуп жазуу) көнүгүү, орфографиялык, пунктуациялык каталарын жоюу.

**В) Сүйлөө ишмердүүлүгүндө:**

– кыргыз тилиндеги тыбыштарды туура айтуусу;
– кыргызча интонацияны так сактоо;
– лексикалык каражаттарды туура, өз орду менен колдонуусу;
– грамматикалык жактан сүйлөмдүн туура курулушу;
– тексттин мазмунун туура, кыскача баяндап берүү;
– маектешүүдө суроону так коюу;
– маектешип жаткан адамдын суроосун түшүнүүсү, суроого карата жооптун шайкеш келиши;
– маектешүүнү ырааттуу уланта билүүсү;
– кыргызча кеп маданиятына жатыгуу деңгээли.

Маектешүүдөгү суроо-жооптун саны: 2-5ке чейин.

**Базистик окуу планда “Кыргыз тили жана окуу” предметине бөлүнгөн сааттардын көлөмү:**

2-таблица

**Кыргыз тили жана окуу**

| № | Класстар | Жумалык саат | Жылдык саат |
|---|---|---|---|
| **1.** | 1-класс | 2 саат | 64 саат |
| **2.** | 2-класс | 2 саат | 66 саат |
| **3.** | 3-класс | 3 саат | 102 саат |
| **4.** | 4-класс | 3 саат | 102 саат |

**Кыргыз тили**

| № | Класстар | Жумалык саат | Жылдык саат |
|---|---|---|---|
| **1.** | 5-класс | 2 саат | 68 саат |
| **2.** | 6-класс | 2 саат | 68 саат |

**Кыргыз жана дүйнө адабияты**

| № | Класстар | Жумалык саат | Жылдык саат |
|---|---|---|---|
| **1.** | 5-класс | 1 саат | 34 саат |
| **2.** | 6-класс | 1 саат | 34 саат |

## II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

3-таблица – **1-6-класстардын сааттарын мазмун боюнча бөлүштүрүү**

| Мазмун | 1-класс | 2-класс | 3-класс | 4-класс | 5-кл | 6-кл |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1-чейрек** | **17 саат** | **18 саат** | **27 саат** | **27 саат** | **18 саат** | **18 саа** |
| 1. Мен жана менин үй-бүлөм | 7 | 7 | 11 | 11 | 7 | 7 |
| 2. Мектеп. Класс. Достор | 7 | 7 | 12 | 12 | 7 | 7 |
| **Кайталоо, жат жазуу, текшерүү иши, тесттер** | **3** | **4** | **4** | **4** | **4** | **4** |
| **2-чейрек** | **13 саат** | **14 саат** | **21 саат** | **21 саат** | **14 саат** | **14 саат** |
| 3. Эмгек. Кесип | 3 | 4 | 7 | 7 | 6 | 6 |
| 4. Адам (адамдын денеси, адамдын ден соолугу) | 3 | 3 | 6 | 7 | 4 | 4 |
| 5. Кийим-кече жана бут кийим | 3 | 3 | 4 | 3 | - | - |
| **Кайталоо, жат жазуу, текшерүү иши, тесттер** | **4** | **4** | **4** | **4** | **4** | **4** |
| **3-чейрек** | **19** | **19** | **30** | **30** | **20** | **20** |
| 6. Азык-түлүк, тамак-аш, идиштер | 5 | 5 | 8 | 8 | 4 | 4 |
| 7. Жашылчалар жана жемиштер | 5 | 5 | 9 | 9 | 5 | 5 |
| 8. Жаныбарлар, канаттуулар | 5 | 5 | 9 | 9 | 7 | 7 |
| **Кайталоо, жат жазуу, текшерүү иши, тесттер** | **4** | **4** | **4** | **4** | **4** | **4** |
| **4-чейрек** | **15 саат** | **15 саат** | **24 саат** | **24 саат** | **16 саат** | **16 саат** |
| 9. Жыл мезгилдери.. Жаратылыш | 4 | 4 | 6 | 6 | 4 | 4 |
| 10. Оюндар. Майрамдар. Кызыгуулар, хоббилер. | 4 | 4 | 6 | 6 | 3 | 3 |
| 11. Мекен (өлкө, шаар, айыл; менин туулган жерим). | 4 | 4 | 8 | 8 | 5 | 5 |
| **Кайталоо, жат жазуу, текшерүү иши, тесттер** | **3** | **3** | **4** | **4** | **4** | **4** |
| **Жалпы** | **64** | **66** | **102** | **102** | **68** | **68** |

4-таблица – **Предметтин мазмунун бөлүштүрүү**

| **1-класс жумасына 2 сааттан, жыл бою 64 саат** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Мазмунду тематикалык бөлүштүрүү** | **Саат ы** | **Кептик интенция** | **Кептик конструкциялар** | **Лексика** |
| 1. **Мен жана менин үй-бүлөм**<br>1. Саламдашуу, коштошуу<br>2. Таанышуу<br>3. Биздин үй-бүлө<br>4. Ынтымактуу үй-бүлө<br>5. Менин үйүм | **7** | 1. Бирөө менен саламдашат, коштошот;<br>2. Бирөөгө өзүн тааныштырат. Бирөөнү тааныштырат;<br>3. Өзү, ата-энеси тууралуу айтат. Нерсе, адам тууралуу сурайт;<br>4. Кимдин, эмненин учурда эмне кылып жатканын айтат;<br>5. Эмненин кайда (каерде, каякта?) экендигин айтат;<br>6. Бир нерсенин бар же жок экенин билдирет;<br>7. Эмненин кандай экенин сүрөттөйт. | Салам. Кандайсың? Жакшы кал. Жакшы бар. Мен атым Айгүл. А менин атым Улан. Сенин атың ким? Кайсы класста окуйсуң? Канча жаштасың? Жети жаштамын. Кайда жашайсың? Канча бир тууганың бар? Досуң ким? Досум Адилет. Адилет каякта? Адилет короодо (бөлмөдө). Булар кимдер? (эмнелер). Алар: атам, апам, эжем, иним (өрдөктөр). Бул Жамалбы? Ооба, бул Жамал. Жок, ал Жамал эмес. | Үй, үй-бүлө, ата-эне, ата, апа, эне, чоң ата,<br>чоң апа, чоң эне, бөбөк, байке, ага, ини, эже, синди, карындаш, бала, улуу, кичүү, кыз, дос, курбу, бөлмө, ашкана, , короо, бакча, чоң, кичине, кичинекей, акылдуу, сулуу, жашта, жаштамын. |
| 1. **Мектеп. Класс. Достор**<br>1. Мектеп.<br>2. Окуучу<br>3. Окуу куралдары<br>4. Класс.<br>5. Класс кандай?<br>6. Сандар. Канча? Канчанчы?<br>7. Досторум | **7** | 1. Кимдин кайда (каерде, каякта?) экендигин суроо, айтат;<br>2. Кимдин, эмненин учурда эмне кылып жатканын айтат;<br>3. Заттын кандай экенин, канча жана канчанчы турган ордун айтат;<br>4. Бир нерсени сүрөттөйт, анын бар же жок экенин билдирет. Иретин айтат.<br>5. Буюмдун канча экенин, кимге | Биздин мектеп кооз, чоң. Мен окуучумун.<br>Мен мектепте окуйм. Сен канчанчы класста окуйсуң? Мен биринчи класста окуймун. Класс чоң, кооз, таза. Туура сана. Китепти ач.<br>Сандарды 1ден-10го чейин сана. Сандарды 10дон - 1ге чейин артка сана.<br>Сенде канча дептер бар? Бул кимдин дептери? Бул менин дептерим. Бул Светанын дептери. Жок, бул меники эмес. Кел, ойнойлу. Жок, мен ойнобойм.<br>Сенин досуң ким? Ал канча жашта? | Кооз, мектеп, китеп, класс, сабак, китепкана, отур, тур, оку, дептер, барак, калем сап, доска, бор, өчүргүч, сызгыч, учтагыч, сөздүк, калем, тапшырма, көнүгүү, туура, суроо, жооп, кел, тазалык, бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, канча, канчанчы, биринчи, экинчи ... , сана, менин, сенин, анын, биздин, меники, сеники, ооба, жок, кел, жүр, кара, ач, жаз, кайтала |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | таандык экендигин айтат.<br>6. Досу/бирөө менен сүйлөшөт. Анын буюмун сурап алат. | | |
| **3. Эмгек**<br>1. Менин күнүм<br>2. Ата-энеме жардам | **3** | 1. Өзү тууралуу эмне кылып жатканын айтат;<br>2. Убакыт/саат канча болгонун сурап билет;<br>3. Эмнени кайда коюу тууралуу айтат, сурайт;<br>4. Кимге кантип жардам бере аларын айтат. Кимдин бирөөдөн бир нерсе тууралуу өтүнөт; | Эртең менен эрте турам. Мектепке барам. Мектепке келем. Оюнчуктарым таза. Ордуна коём. Китептеримди таза кармайм. Гүлгө суу куям. Сен эмне кыласың? Апам менен дүкөнгө барам. Эмне кыласың? Мына, ала кой.<br>Саат канча болду? Саат 10 болду. | Эрте, кеч, убакыт, мүнөт, саат, эртең менен, түштө, кечинде, самын, стол, отургуч, керебет, китеп шкаф, суу куй, мектеп, текче, карма, таза, дүкөнгө бар, жардам бер, ата-энеме жардам, кийим, шкафта, китеп текчеде, китептер, ордуна кой. |
| **4. Адам (адамдын денеси, адамдын ден соолугу)**<br>1. Дене мүчөлөрү<br>2. Спорт | **3** | 1. Бирөөгө өтүнүч менен кайрылат;<br>2. Бирөөнүн абалын сурайт;<br>3. Ким эмне жумуш кыларын тактайт, өзү эмне кыларын айтып берет; | Менин колум. Колуңду жуу. Колум таза. Колум кир. Менин курсагым ачты. | Баш, кол, бут, курсак, көз, мурун, ооз, тиш, бет, чач, менин кашым, жашоо, дене мүчөсү, тур, укта, эс ал, көнүгүү жаса. |
| **5. Кийим-кече жана бут кийим**<br>1. Кийим-кече<br>2. Кийим-кече дүкөнү | **3** | 1. Эмне турганын сурайт, айтат;<br>2. Эмне кайдан аларын айтат;<br>3. Бир нерсенин бар же жок экенин билдирет;<br>4. Буюмдун кимдики экендигин айтып, диалогго катышат. | Көйнөк кием. Шым кийбейм. Ак көйнөк. Өтүгүм таза. Көйнөк кооз,<br>Сенин мээлейиңбарбы? Бар.<br>Сенин калпагың кана? Мына. Бул Алишердин калпагы. Жок, бул Алишердин калпагы эмес, меники. | кийим, жоолук, калпак, тон, көйнөк, шым, бут кийим, өтүк, мээлей , кооз, таза, жылуу, кий, таза жүр, булгаба, чеч, тазала, үтүктө, кийим кече дүкөнү, сатып алды, сатып алат, сатып алдым, кийди, жакшы көрөт |
| **6. Азык-түлүк, тамак-аш, идиштер**<br>1. Азык-түлүктөр<br>2. Тамак-аштар<br>3. Тамак-аш дүкөнү<br>4. Идиш-аяк | **5** | 1. Буюмдардын кайда экенин сурайт. Кимдин, эмненин учурда эмне кылып жатканын айтат;<br>2. Заттын кандай экенин айтат;<br>3. Бир нерсенин бар же жок экенин билдирет; | Ооба, (менде, сенде, анда, бизде, силерде, аларда) ... бар (жок)<br>-Сен каякка барасың?<br>-Мен үйгө (ашканага, дүкөнгө) барам.<br>Тилек, жүр түшкү тамакты ичели. Кайрат, кашыкты алып берчи. Мына. | идиш-аяк, чыны, чайнек, табак, кашык, чай кашык, аш кашык, бычак, чака, тамак-аш, суу, нан, эт, балык, жумуртка, сүт, каймак, май, быштак, кант, туз, чай, шире, буудай, күрүч, дүкөн, ашкана, тамак, тамак-аш, жейм, жакшы көрөм. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| дүкөнүндө | | 4. Буюмдун кимдики экендигин айтып, диалогго катышат. | | |
| **7. Жашылчалар, жемиштер**<br><br>1. Түстөр<br>2. Жемиштер<br>3. Жашылчалар<br>4. Жер-жемиштер<br>5. Мөмөлөр | **5** | 1. Заттын көп/аз экенин айтат;<br>2. Заттын кандай экенин айтат, сурайт;<br>3. Бир нерсенин бар же жок экенин билдирет;<br>4. Бир нерсеге макул же макул эмес экендигин билдирет;<br>5. Кайда барганын баяндайт. | Мен бардым. Жемиштер көп. Бакта өрүк, жаңгак өсөт. Мен жаңгак Жардам бердим. Жазында ... барам. Сен алманы жакшы көрөсүңбү? Ооба, жакшы көрөм. Жок, жаман көрөм.<br>Бадыраң, пияз, сабиз, ашкабак – жашылчалар. Алма, алмурут, шабдалы, кара өрүк, өрүк – жемиштер. Малина, карагат – мөмөлөр. | өң, түс, ак, кара, кызыл, көк, жашыл, сары, боз, күрөң, жемиш, алма, алмурут, кара өрүк, шабдалы, өрүк, алча, чие, анар, жүзүм, карагат, картошка, бадыраң, пияз, сабиз, ашкабак, кызылча, коон, дарбыз, даамдуу, таттуу, ачуу, кычкыл, жакшы көрөм, жейм, жебейм, |
| **8. Жаныбарлар, канаттуулар**<br>1. Үй жаныбарлары<br>2. Үй канаттуулары<br>3. Жапайы жаныбарлар<br>4. Жапайы кайда жашашат? | **5** | 1. Жаныбарларды атайт.<br>2. Кайсы жаныбар, канаттуу кайда жашай турганын сурайт, жооп берет.<br>3. Жаныбарлар, канаттуулар эмне жей тургандыгын айтат. | Бул карышкыр. Ал токойдо жашайт.<br>Бул уй. Ал короодо жашайт. Уй чөп жейт.<br>Бул топк. Ал короодо жашайт. Тоок жумуртка берет. | Жаныбар, үй жаныбары, ит, күчүк, мышык, кой, козу, эчки, уй, жылкы, ат, түлкү, карышкыр, аюу, коён, тоок, короз, балык, сүрөт тартат, балапан, жөжө, короо, токой, тоо, жашайт, жейт, берет |
| **9. Жыл мезгилдери. Жаратылыш**<br><br>1. Жыл мезгилдери<br>2. Аба ырайы<br>3. Жаратылыш | **4** | 1. Жыл мезгилдерин сүрөттөйт, суроо берет;<br>2. Качан, кайсы убакта кайда бараарын сурайт, айтат;<br>3. Аба-ырайы тууралуу сурайт. | Бир жылда 12 ай бар. Төрт мезгил бар. Бир мезгилде 3 ай бар. Азыр кайсы мезгил? Азыр күз мезгили. Азыр кыш мезгили. Азыр жаз. Азыр жай. Жакында жай келет. Күзүндө кооз. Жалбырактар саргаят. Жаан жаайт. Күн салкын болот. Күн кыскарат, түн узарат. Кар жаайт. Суук болот. Муз тебебиз. Балдар жылуу кийинет. Жылгаяк тебишет. Кар киши жасайм. Кыш айлары: декабрь, январь, февраль. Жаз айлары: март, апрель, май. Жай айлары: июнь, июль, август. Күз айлары: сентябрь, | Күз, күз айлары, күз мезгили, күзүндө, жаз, жаз айлары, жаз мезгили, жазында, кыш, кышында, кыш мезгили, кыш айлары, жай, жайында, жай айлары, жай мезгили, жыл мезгили, дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума, ишемби, жекшемби, дем алыш күнү, суук, муздак, жылуу, ысык, салкын, жаан, кар, чөп, гүл, суу, көл, жаратылыш, жылдыз, ай, күн. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | октябрь, ноябрь. Бүгүн кайсы күн? Бүгүн дүйшөмбү. | |
| **10. Оюндар. Майрамдар. Кызыгуулар**<br><br>1. Оюндар<br>2. Оюнчуктар<br>3. Майрамдар (Жаңы жыл майрамы. 8-март майрамы. Нооруз)<br>4. Эс алуу | **4** | 1. Бирөөнүн оюнчугун сурайт.<br>2. Ким эмне жакшы көрө тургандыгын сурап билет; (эмне, кайсы оюнчук?)<br>3. Эмненин кандай экенин сүрөттөйт;<br>4. Бир нерсенин бар же жок экенин билдирет;<br>5. Буюмдун кимдики экендигин айтып, диалогго катышат;<br>6. Майрам менен куттуктайт; Каалоосун билдирет;<br>7. Майрамды сүрөттөйт; Майрамда эмне кыларын айтат. | Кайсы оюнду ойнойбуз? Тилек, ойнойсуңбу? Бул менин тобум. Бул топ меники.<br>Кемелге эмне жагат? Мага оюнчук машине жагат. Сагачы? Мага мамалак жагат. Мамалак жумшак. Машине чоң.<br>Бул топ кичинекей. Менин оюнчугум кооз. Сенин тобуң барбы? Ооба, менин тобум бар. Менин тобум жок.<br>Биз ойноп жатабыз.<br>- Биз музейге барабыз. Сен барасыңбы?<br>- Жок, мен барбайм. Мен киного барам.<br>- Майрамың менен куттуктайм. Сага ден соолук каалайм. Рахмат. | Оюнчук, ойно, чурка, ырдоо, бий, бийлөө, сүрөт тартуу, машыгуу, оюн, спектакль, бар, кызыктуу, кара, көр, эс алуу, дем алыш, жакшы көрүү, кел, суктан, ойнойм, жумшак, туулган күн, майрам, белек, рахмат, бер, ал, мына, кана, макул,. Нооруз, майрам, таза, майрамдайт, убакыт. |
| **11. Мекен (өлкө, шаар, айыл; менин туулган жерим)**<br>1. Ата мекеним<br>2. Бишкек<br>3. Менин айылым<br>4. Менин дарегим | **5** | 1. Заттын көп же аз экенин айтат, сурайт, жазат;<br>2. Заттын кандай экенин айтат;<br>3. Кыймыл-аракеттин бир жакка багытталгандыгын айтат<br>4. Бир нерсеге макул/макул эмес экендигин билдирет;<br>5. Сезимдерин билдирет. | Кыргызстанда тоолор, суулар көп.<br><br>Биз Кыргызстанда жашайбыз. Кыргызстан – абдан кооз.. Бул Тилек. Ал кыргыз. Бул Алина. Алина – орус. Бул.Роза. Роза – өзбек. Бул Руслан. Биз Мекенибизди сүйөбүз. | Өлкө, Кыргызстан, борбор, шаар, айыл, кыштак, музей, китепкана, бала бакча , дүкөн, базар, оорукана, көчө, суу, көчө. |
| **2-класс жумасына 2 сааттан, жыл бою 66 саат** | | | | |
| **1. Мен жана менин үй-бүлөм**<br>1.Саламдашуу, | **7** | 1. Өзүн, бирөөнү тааныштырат;<br>2. Үй-бүлөсү жөнүндө айтып берет. Аларды тааныштырат; | - Салам, кандайсың? - Жакшы.<br>- Саламатсызбы.- Жакшы калыңыз.<br>- Таанышып алалы. Менин атым Света. | Салам, кандай, жакшы, сонун, орто, жакшы кал, жакшы бар, ооба, жок, атым, фамилиям, маанай, эң сонун, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| коштошуу.<br>Таанышуу<br>2. Үй-бүлө мүчөлөрү<br>3. Биздин үй-бүлө<br>4. Биздин үйүбүз<br>5. Менин бөлмөм<br>7. Жанында, үстүндө | | 3. Үй-бүлө мүчөлөрүнө мүнөздөмө берет;<br>4. Кимдин кайда жашаганын сурап билет, жооп берет;<br>5. Буюмдардын, нерселердин ордун көрсөтүп айтат;<br>6. Нерселерди сүрөттөйт, сурайт;<br>7. Макул же макул эместигин билдирет. | Сенин атың ким? - Менин атым Болот.<br>Бул менин апам. Бул менин атам.<br>Бул менин эжем. Анын аты ... . Бул менин иним.<br>- Бул сенин эжеңби? - Жок, бул Тимурдун эжеси. Атамдын аты Марат. Апамдын аты Анара..- Сенин үй-бүлөңдө канча адам бар?<br>-Менин үй-бүлөмдө … адам бар.<br>Мен көп кабаттуу үйдө жашайм.<br>Биздин батир жетинчи кабатта.<br>-Сенин үйүң кандай? -Менин үйүм чоң, эки кабаттуу. Биздин үйдө 3 бөлмө бар. Алар конок бөлмөсү, жана балдар бөлмөсү. Менин бөлмөм жарык жана чоң.. Бөлмөдө керебет, шкаф, текче бар. Дубалда сүрөт илинип турат. Жерде кооз килем жатат. Бөлмө кандай? Бөлмөдө эмнелер бар? | кандай, ракмат, таанышып алалы, үй-бүлө, ким? кимдер? чоң ата, чоң эне, ата, апа, ата-эне, эже, байке, ини, синди/карындаш, жакшы көрөм, мээримдүү, акылдуу, сулуу, ынтымактуу, менин, сенин, биздин, адам, бөбөгүм, оку, жаз, жооп бер, ар түрдүү, кабаттуу үй, бөлмө, кире бериш, конок бөлмөсү, балдар бөлмөсү, ашкана, дубал, керебет, күзгү, сүрөт, килем, жанында, үстүндө, текче, турат, отурат, жатат, жайгашкан, апам мээримдүү, атам камкор. |
| **2. Мектеп. Класс. Достор**<br>1. Биздин мектеп<br>2. Окуу куралдары<br>3. Класста<br>4. Менин досум<br>5. Китепканада. Китеп эмнеге үйрөтөт?<br>6. 100гө чейинки сандар<br>7. Иреттик сандар | **7** | 1. Кимдин кайда (каерде? кандай?) экендигин сурайт, тактайт;<br>2. Кимде эмне бар экендигин сурайт;<br>3. Нерселердин бар же жогун айтат;<br>4. Башка бирөө жөнүндө сурайт;<br>5. Макул же макул эместигин билдирет;<br>6. Ким эмне кылып жатканын сурайт;<br>7. Нерселерди сүрөттөйт, санын, иретин айтат. | - Бул ким? - Бул окуучу кыз.<br>- Мектепте кимдер бар? - Мектепте мугалимдер, окуучулар бар. Бул мугалим. Мугалимдин аты Тамара Керимовна.<br>Бул биздин мектеп. Биздин мектеп кооз жана жарык. Мектепте ашкана, китепкана … бар.<br>- Сен канчанчы мектепте окуйсуң? Мектеп канча кабаттуу? Мектепте эмнелер бар?<br>- Сенде эмне бар? - Менде китеп, дептер, сызгыч, калем, калем сап бар/жок. Менин пеналымда ... бар/жок Бул дептер кандай? - Бул дептер таза. Бул бор. Тактага бор менен жазат. Менин досум Руслан. Ал … жашта. Ал акылдуу жана тартиптүү бала. Биз бирге окуйбуз, ойнойбуз. - Сенин досуңдун аты | Мектеп, окуучу кыз, окуучу бала, мугалим, ашкана, спорт залы, китепкана, жарык, кооз, китеп, дептер, калем, калем сап, сызгыч, өчүргүч, учтагыч, боёктор, такта, бор, таза, кир, текче, коңгуроо, тазалайм, отургуч, эмнеде? дос, курбу, акылдуу, тартиптүү, ынтымактуу, китепкана, китепканачы, үйрөтөт, бирге, таза сакта, айрыба, булгаба, билим, нөл, бир, эки, үч, төрт, беш, алты, жети, сегиз, тогуз, он, жыйырма, отуз, кырк, элүү, алтымыш, жетимиш, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | ким? Ал кандай бала? Китепти айрыба! Китепти булгаба! Китепти таза сакта! - Сен канча жаштасың? – Мен ... жаштамын. Класста канча окуучу бар?.Класста канча мугалим бар? Класста … парта, … отургуч бар. Мен … жаштамын. Менин апам … жашта. Менин атам … жашта..- Сенин телефон номериң кандай? - Менин телефон номурум … . | сексен, токсон, жүз, дубалда, телефон номерим, айтып койчу, билесиңби? |
| **3. Эмгек. Кесип**<br>1. Апта күндөрү.<br>Убакыт<br>2. Саат канча болду?<br>3. Менин күн тартибим<br>4. Ким эмне кылып жатат? Кичинекей жардамчы. | **4** | 1. Апта күндөрүн сурайт;<br>2. Дем алыш күндөрүн ким кандай өткөргөнүн сурайт;<br>3. Өзүнүн аткарган иштери тууралуу айтып берет;<br>4. Убакытты туура айтат;<br>5. Саат канча болгонун сурап билет;<br>6. Ким эмне кылып жатканын сурайт;<br>7. Өзүнүн күн тартибин айтат;<br>8. Бирөөдөн жардам сурап кайрылат; | Бир аптада жети күн бар, алар: дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума, ишемби, жекшемби.<br>Мен эртең менен турам. Түштө үйгө келем. Сен кечинде эмне кыласың? Сен канчада турасың? Сабак саат канчада башталат?<br>- Сен дем алыш күнү эмне кыласың?<br>- Дем алыш күнү биз үйдө болобуз. Мен музыка угам. Карындашым сүрөт тартат. Апам даамдуу тамак жасайт. Мен апама жардам берем. Оюнчуктарды жыйнайм. Чаң сүртөм, пол жууйм. Ата-энеңе жардам бересиңби? Ата-энең ким болуп иштейт? Эмне жумуш кылышат? | Апта, дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума, ишемби, жекшемби, канчанчы, убакыт, эртең менен, түштө, кечинде, түндө, саат, эртең мененки тамак, түшкү тамак, кечки тамак, күн тартиби, жуунам, сабак окуйм, үйгө келем, окуп жатат, жазып жатат, тамак ичип жатат, бийлеп жатат, сүрөт тартып жатат, уктап жатат, музыка угуп жатат, ырдап жатат, жуунуп жатат, чогуу, дем алыш күнү, жардам берет, жыйнайт, чаң сүртөт, жууйт, тазалайт. |
| **4. Адам (адамдын денеси, адамдын ден соолугу)**<br>1.Дене мүчөлөрү<br>2. Тазалык | **3** | 1. Дене мүчөлөрүн көрсөтүп, айтат;<br>2. Өзүнүн абалы жөнүндө билдирет;<br>3. Башка бирөөнүн ден соолугу жөнүндө сурап билет;<br>4. Кандай иш-аракеттерди жасаганын билдирет; | Менин колум, бутум, башым, ичим.<br>Менин эки колум, эки бутум бар.<br>Менин колдорум таза.<br>- Буратинонун мурду кандай?<br>-.Буратинонун мурду узун.<br>Досуңдун бою кандай? Классташыңдын чачы кандай?<br>Колдорум таза. | Баш, кол, бут, ич, самын, тазабы? жуу, чач, кулак, көз, ооз, тиш, каш, мурун, бою узун бойлуу, кичине бойлуу, кандай? тур, отур, чурка, бас, көнүгүү жаса, күчтүү, ден соолугу жакшы, күнүгө, күн сайын. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 5. Тазалыкты сактоо боюнча оюн билдирет; | Тишимди тазалайм. | |
| **5. Кийим-кече жана бут кийим**<br>1.Кийим-кече<br><br>2. Кийим-кече дүкөнү | 3 | 1. Кийим-кечелердин түрлөрүн айтат;<br>2. Өзүнүн кийим-кечелери жөнүндө айтып берет;<br>3. Бирөөгө өтүнүч менен кайрылат;<br>4. Кандай кийим жагарын же жакпаганын билдирет;<br>5. Кимдин кандай кийими бар экендигин сурайт;<br>6. Кимге кандай кийим жарашканын, чак, чак эместигин айтат, сурайт;<br>7. Бирөөнүн айткан кебине макул же макул эместигин билдирет; | - Бул байпакпы?<br>- Ооба, бул байпак.<br>- Бул көйнөкпү?<br>- Жок, бул пальто.<br>- Эшикте жаан жаап жатат. Света, сенин күрмөң барбы?<br>-.Ооба, бар. А сен эмне киесиң?<br>Бул кийим-кече дүкөнү. Апам мага көйнөк сатып берди.<br>-.Сага өтүк жактыбы?<br>- Жакты, сонун экен! | Жоолук, топу, көйнөк, эркек көйнөк, шым, батиңке, өтүк, күрмө, байпак, мээлей, пальто, моюн орогуч, жарашат, жарашпайт, сатып берди, чак, чак эмес, бут кийим, кийди, сатып алды, сурадым, жакты, көрдүм, дүкөндөн, жарашыктуу, чоңураак, таптаза, булгаба. |
| **6.Азык-түлүк, тамак-аш, идиштер**<br>1. Тамак-аш<br>2. Идиш-аяк<br>3.Нанды баалайлы | 5 | 1. Нерселердин ордун сурайт, тактайт;<br>2. Бир нерсенин жакканын же жакпаганын айтат;<br>3. Кимде эмне бар экендигин сурап, сүйлөшүүгө катышат;<br>4. Нерселерге, буюмдарга кылган мамилесин билдирет;<br>5. Нерселердин баасын, түсүн, формасын сүрөттөп айтат.<br>6. Бирөөлөргө жардам сурап кайрылат;<br>7. Башка бирөөнүн терс иштерине өзүнүн оюн билдирет; | - Сен эмне жейсиң?<br>-.Мен жумуртка жейм.<br>- Эмне ичесиң?<br>-.Мен сүт ичем. А сенчи?<br>Идиш-аяк ашканада турат. Табактар, чынылар шкафта турат.<br>- Бычак менен эмне кесет? - Бычак менен нан кесет. Биз дүкөндөн идиш-аяктарды сатып алабыз. Сатуучу идиштерди сатат.<br>Буудайдан ун тартылат. Ундан нан жасалат. Нандын түрлөрү көп. Нанды жерге таштаба,<br>Нанды баалайлы! | жумуртка, балмуздак, май, эт, нан, кант, момпосуй, таттуу, ачуу, жейм, ичем, жагат, жакпайт, идиш-аяк, мискей, чыны, табак, чайнек, бычак, чөмүч, чай кашык, кесет, бышырат, даамдуу, жууймун, жардам берем, ашайры, тамак-аш, сатуучу, дүкөн, сатып алабыз, баасы, ун, боорсок, токоч, каттама, бөлкө, чоң эмгек, ун тартылат, азык, жерге таштаба, баалайлы, таштаба. |
| **7. Жашылчалар жана жемиштер**<br>1. Жемиштер | 5 | 1. Заттын түсүн, даамын, формасын сүрөттөп айтат;<br>2. Ким эмне сурап, сүйлөшүүгө | - Мага кызыл алма берчи.<br>- Мына ал.<br>- Рахмат! | алмурут, алма, кара өрүк, анар, өрүк, жаңгак, алча, жүзүм, шабдаалы, жемиштер, даамдуу, ачуу, кычкыл, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2. Жемиш багы<br>3. Жашылчалар<br>4.Жашылча чарбакта өсөт | | катышат;<br>3. Өзүнүн оюн билдирет (макул/макул эмес);<br>4. Эмненин кайсы жерде турганын тактап сурайт;<br>5. Кимде эмне бар же жок экендигин сурайт, тактайт. | Кандай түстөрдү билесиң?<br>Жемиштер бакта өсөт. Жемиштерден шире жасалат.<br>Бакта кайсы жемиштер өсөт? Сен кайсы жемишти жакшы көрөсүң? Өрүктүн даамы кандай? Кандай жашылчаларды билесиң? Алардын формасы, түсү кандай? Картөшкөдөн эмне жасалат? Дүкөндөн эмне сатып алдыңар?<br>Жашылчалар чарбакта өсөт. Мен аларды себетке салдым. Апам мага салат жасап берди. | таттуу, жагат, жакпайт, мага, сага, бак, шире, жасалат, бакта, бакчада, жакшы көрөсүң, жаман көрөсүң, даамы, ашкабак, помидор, сабиз, пияз, капуста, сарымсак, картөшкө, бадыраң, калемпир, кызылча, жуу, себет, салдым, жасап берди, өсөт, тердим, суу куйдум. |
| **8. Жаныбарлар, канаттуулар**<br>1.Үй жаныбарлары<br>2.Үй жаныбарларынын балдары<br>3. Үй канаттуулары<br>4. Жапайы жаныбарлар, алардын балдары | **5** | 1. Жаныбарларды, канаттууларды салыштырып, айырмалайт;<br>2. Алар кайда жашаарын сурап, сүйлөшүүгө катышат;<br>3. Жаныбарлардын балдарын атайт;<br>4. Кимдин кандай үй жаныбары бар экендигин тактап сурайт;<br>5. Башкалардан жаныбарларга камкордук көрсөтүп жаткандарын сурайт;<br>6. Бирөөнүн оюна кошулат же кошулбайт; | - Сенин итиң барбы?<br>- Ооба, менин итим бар. Анын аты Кумайык.<br>- Сен ага тамак бересиңби?<br>- Ооба. Мен ага тамак берем. Аны менен ойнойм.<br>- Бул мый. Аты Мурка.<br>- Мый кичинекей экен! Менин да кичинекей күчүгүм бар.<br>- Эмне кылып жатасың? - Тооктorго жем берип жатам. Үй канаттуулары кайда жашайт?<br>Үй канаттуулары эмне жейт?<br>Жапайы жаныбарлар токойдо жашайт.<br>Түлкү токойдо жашайт. -.Аюу кайда жашайт? | Уй, ат, кой, ит, эчки, чочко, мышык, чөп, суу, короо, чөп, суу, жашайт, кайтарат, музоо, кулун, козу, күчүк, улак, мый, үй канаттуулары, короз, тоок, жөжө, каз, өрдөк, күрп, балапан, жем, сүзөт, жашайт, ойгонот, жолборс, арстан, аюу, карышкыр, түлкү, коён, токойдо мамалак, баласы, кичинекей, кубанат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **9. Жыл мезгилдери. Жаратылыш**<br>1. Жыл мезгилдери Күз мезгили<br>2. Кыш мезгили<br>3. Жаз мезгили<br>4. Жай мезгили | **4** | 1. Жыл мезгилдерин сүрөттөйт;<br>2. Айлардын аттарын жыл мезгилдери боюнча сурайт, тактайт, кошумчалайт;<br>3. Жыл мезгилдерин салыштырат;<br>4. Жыл мезгил, аба ырайы жөнүндө сурап, сүйлөшүүгө катышат;<br>5. Башка бирөөнүн оюн билүү үчүн суроо берет. | Бир жылда 4 мезгил бар: кыш, жаз, жай, күз. Бир жылда 12 ай, бир мезгилде 3 ай бар.<br>- Бир жылда канча мезгил бар? - Бир жылда төрт мезгил бар. Алар: кыш, жаз, жай, күз. Жыл ичинде 12 ай бар. Кыш айлары: декабрь, январь, февраль. Жаз айлары: март, апрель, май. Жай айлары: июнь, июль, август. Күз айлары: сентябрь, октябрь, ноябрь. Күзүндө жаан жаайт, шамал болот. Жалбырактар саргаят. Канаттуулар учуп кетишет. Жашылча-жемиштер жыйналат. - Кышында аба ырайы кандай болот? - Кышында аба ырайы суук болот. Жазында күн жылыйт, кар эрийт. Байчечекей чыгат. Келгин куштар … Жаан жаайт. Жаз айлары кайсылар? Сага жаз мезгили жагабы? Жайында сен эмне кыласың? Жайында аба ырайы кандай болот? Жайында каникул болот. Аба ырайы ысык болот. Биз Ысык-Көлгө барабыз. Жайкы каникул мага аябай жагат. Бүгүн шамал болду. Кечээ жаан жаады. Эртең күн жылуу болот. Бүгүн аба ырайы кандай? | Жыл, ай, жыл мезгилдери, кыш, жаз, жай, күз, жыл мезгилдери айлар, күз мезгили жаан, шамал, аба ырайы, куштар, жалбырактар, саргаят, бак-дарактар, чогулталы, ай, күн, салкын, жылуу, бышат, жыйналат, кар жаайт, чана тебет, тоголоктойт, суук, кар жаайт, жылуу кийимдер, ойнодук, кар, эрийт, келгин куштар, учуп келишет, уя, байчечекей, чөп, бак-дарактар, гүлдөйт, жаан жаайт, ысык, кум, жээк, күнгө күйөбүз, көлгө түшөбүз эс алабыз, аябай, бүгүн, эртең, кечээ, шамал, ысык болот, салкын болот, кечээ, бүгүн, эртең, кызыл, сары, көк, жашыл, кара, ак, күрөң, кызгылт сары, сыя көк, түс, түстөр. |
| **10. Оюндар. Майрамдар. Кызыгуулар.**<br>1.Оюнчуктар дүкөнүндө<br>2.Жаңы жыл майрамы<br>3.Жаз майрамдары. Апалардын | **4** | 1. Бирөөнүн бир нерсесин сурайт;<br>2. Нерселерди сүрөттөйт; Нерсенин кимге таандык экендигин айтат;<br>3. Бирөөнү майрамы менен куттуктайт. Ага каалоо айтат;<br>4. Кандай майрамдар бар экендигин башка бирөөдөн сурайт;<br>5. Бирөөгө ыраазычылык билдирет;<br>6. Кимдин кайда бара турганын сурайт; | - Бул сенин тобуңбу?<br>- Жок, меники эмес. Менин куурчагым, кызыл тобум бар.<br>- Сенин кандай оюнчуктарың бар?<br>Розага жумшак мамалак жагат. Апасы Тилекке кичинекей машине сатып берди.<br>- Дүкөндөн кандай оюнчуктарды көрдүң? Сага кандай оюнчуктарды сатып беришти?<br>Биздин. мектепте Жаңы жыл майрамы болду. Балдар балатыны коoздошту. Мен | Оюнчук, куурчак, мамалак, топ, поезд, машине, бул меники, бул меники эмес, дүкөн, жумшак, жагат, жакпайт, сатып алды, жакты, көрдүң, бар экен, Аяз ата, Аяз кыз, кар киши, балаты, белек, майрам, белек, гүлдесте, ден соолук, бакыт, куттуктайм, кымбаттуу, каалайм, Нооруз майрамы, сүмөлөк, арча, аласташат, сүйлөйм, чүкө, жеңет, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| майрамы. Нооруз майрамы<br>4. Улуттук оюндар | | 7. Кайсы жерге, ким менен барып, эс ала турганын билдирет;<br>8. Кимге кайсы оюн жага турганын сурайт;<br>9. Бирөөгө чогуу ойноо тууралуу кайрылат. | сизди 8-март майрамыңыз менен куттуктайм! 21-март - Нооруз майрамы. Бул күнү даамдуу тамактарды жасашат. Сүмөлөк бышырышат. Апалар арча менен үйдү аласташат.<br>-Нооруз кандай майрам? Нооруз майрамын качан белгилешет? Сага кайсы майрам жагат?<br>Кыргыз элинде улуттук оюндар көп. Оюндар кызыктуу болот.<br>- Силер кандай оюндарды ойнойсуңар? | көңүлдүү, элдик оюн, жеңди, утту, менде, сенде, пайдалуу, эмне кыласыңар? |
| **11. Мекен (өлкө, шаар, айыл; менин туулган жерим)**<br>1. Ата мекеним<br>2.Бишкек шаары<br>3. Менин айылым<br>4. Менин дарегим | **4** | 1. Ата мекени жөнүндө суроо берет, оюн билдирет;<br>2. Ким кайда барарын сурайт;<br>3. Кыргызстан, Бишкек шаары жөнүндө башкалардан сурайт;<br>4. Башка бирөөнүн дарегин сурайт;<br>5. Ысык-Көл (башка кооз жерлер) жөнүндө сурап билет;<br>6. Кайда барганын баяндайт. | - Силер кайсы өлкөдө жашайсыңар? Кыргызстан кандай өлкө?<br>- Биз Кыргызстанда жашайбыз. Кыргызстан – көп улуттуу өлкө. Кыргызстанда бийик тоолор, тунук көлдөр, дарыялар, өзөндөр, кооз жайлоолор бар. Кыргызстандын борбор шаары - Бишкек. Бишкек – эң кооз, бак-дарактуу шаар.<br>- Шаарда эмнелер бар? - Бишкек кандай шаар? Айыл кандай? Айылдын абасы кандай? Айылда эмнелер бар? Мен Ош шаарында жашайм. - Сенин дарегиң кандай? Сенин жашаган шаарың/айылың ... | Ата мекен, борбор, улут, өлкө, тунук, дарыя, жайлоо, сүйөбүз, конокко, аянт, сейил бак, имарат, курулуп жатат, айыл, аба, тоого жакын, футбол аянтчасы, абасы, жакын, жайгашкан, дарек, көчө, батир, кенен, кичирайон, жашаймын, Ошто. |
| **3-класс жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат** | | | | |
| **1. Мен жана менин үй-бүлөм**<br>1. Мен ата-энемди, бир туугандарымды жакшы көрөм | **11** | 1. Сезимдерин (кубанганын, сыймыктанганын, ж.б.) билдирет;<br>2. Башкалардан маалымат сурайт;<br>3. Башкалар менен маекте өз кебине көңүл бурдуруп, | Сенин үй-бүлөңдө канча киши бар? Сенин атаң кайда иштейт? Чоң атам менен чоң энем телевизор көрүп отурушат. Апам менен эжем ашканада тамак даярдап жатышат.Үйдө сен эмне жумуш аткарасың? Мен ... абдан жакшы көрөм. Эжем | Тамак, ойноп жатат, бөбөгү, көрүп жатат, жасап жатат, окуп жатат, милдетим, таштанды, оюнчуктар, жашылча, тооктор, жем, берем, сугарам, даярдады, майрамда, белек, чогуу, өткөрдүк, жасады, гүлдесте, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2. Үй-бүлөдөгү жумуштар<br>3. Үй-бүлөдөгү майрамдар<br>4. Конокко барабыз<br>5. Конок тособуз<br>6. Ата-энем менен саякаттайбыз<br>7. Мен бөлмөмдү таза кармайм | | диалогду демилгелейт;<br>4. Уккан маалыматты кошумчалайт. Макул же макул эместигин билдирет. | дүкөндөн сүт, нан алып келет. Атам бөбөгүмө жомок окуп берет. Иним оюнчуктарды жыйнайт. Биздин үй чоң жана таза. Мага майрамда белекке китеп беришти. Агам кооз гүлдесте белек кылды. Апам менен эжем торт жасашты. Бөлмөдө эмнелер бар? Дубалда сүрөт илинип турат. Бурчта гүл турат. Жерде килем жатат. | көңүлдүү, кимдин бөлмөсү, дубалда, илинип турат, коноктор, жаздык, тособуз. |
| **2. Мектеп. Класс. Достор**<br>1. Мектептеги бир күн<br>2. Сабактардын жүгүртмөсү<br>3. Мен жактырган сабак<br>4. Китеп эмнеге үйрөтөт?<br>5.Мага жаккан китеп<br>7. Досум менен бир күн | **12** | 1. Мектептин кандай, кайсы жерде жайгашкандыгын айтып берет;<br>2. Мектепте кимдер, эмнелер бар экендигин тактайт;<br>3. Класстагы буюмдардын ордун так айтат; Кимдин кандай окуу куралдары бар экендигин сурайт;<br>4. Китептин мааниси тууралуу сүйлөшүшөт;<br>5. Бир нерсени жактырган себебин айтат;<br>6. Башкалар менен чогуу жасаган аракеттерин баяндайт. | Биздин мектеп. Үч кабаттуу. Сабактардын жүгүртмөсү экинчи кабатта илинген. Короодо отургучтар бар. Отургучта ата-энелер отурушат. Короодо гүлдөр өсүп турат. Сенин мектебиң кайда жайгашкан? Менин мектебим ... көчөсүндө жайгашкан. Класс жетекчиң ким? Бул биздин класс. Класстын оң жагында терезе, сол жагында шкаф бар. Терезенин жанында мугалимдин столу турат. Классыбызды таза кармайбыз. Башка өлкөлөр жөнүндө окугум келет.– Мага ... сабагы жагат. ... сабагы абдан кызыктуу. Мага ... деген китеп жагат. Ал абдан кызыктуу. Досум менен сүйлөшөм, ойноймн, ... барам. | мектеп, короо, отургуч, гүлдөр, өсөт, кенен, үч кабаттуу, бак-дарактар, ата-энелер, жаңы, ар улуттун балдары, класс жетекчим, күндөлүк, калем сап, сызгыч, өчүргүч, жанында, ашкана, китепкана, билим, тарбия, менин алдымда, менин артымда, кийим илгич, сүрөттөр, герб, гимн, желек, түрдүү китептер, үйрөтөт, дос, өлкөлөр, адамдар, үйрөтөт. |
| **3. Эмгек. Кесип**<br>1. Ар бир кесип ардактуу<br>2. Апамдын/атамдын кесиби | **7** | 1. Өз оюн аргументтейт;<br>2. Башкалардын оюн толуктайт;<br>3. Кебине кызыктырат;<br>4. Сезимдерин көрсөтөт;<br>5. Башкалардан маалымат тактайт; | Мага ... кесиби жагат. Мен ... болгум келет. Ата-энем ... болуп иштейт. Апамдын/атамдын кесиби ...<br>Иштебеген – тиштебейт. | Кесип, жаккан кесип, иштеген, иштебеген, тиштебейт, макал, мааниси. Жагабы? Эмне үчүн? себеби, анткени, ашпозчу, айдоочу, айдайт, куруучу, курат, тигүүчү, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. Кичинекей ашпозчу<br>4. Мага жаккан кесип<br>5. Иштебеген – тиштебейт | | 6. Ашканага барууну сунуштайт;<br>7. Бир нерсени жактырганын же жактырбаганын билдирет. | | тигет, сатуучу, сатат, чач тарач, чач кыркат, жумушчу, оңдойт. |
| **4. Адам (адамдын денеси, адамдын ден соолугу)**<br>1. Таза колдор өмүрдү сактайт<br>2. Дене тарбия<br>3.Ден соолукту чыңдайлы<br>4. Суу | **6** | 1. Ден соолукка туура кам көрүүнү сунуштайт;<br>2. Башкалардын айткан оюн тактайт; Кошумча маалыматтарды берет;<br>3. Башкалардын айтканына кошулат; башкалардын айтканына кошулбаса, себебин түшүндүрөт. | Ар бир адамга ден соолук керек. Аны кантип сактайбыз?<br>Колуңду самын менен жуу. Тишиңди тазала. Күнүгө эртең мененки тамакты унутпа. Жашылча-жемишти көп же. Таза абада ойно. Көп кыймылда. Спортко катыш. 10-12 саат укта.<br>Ден соолугуң жакшы болсо, сен бактылуу адамсың.<br>Суу – эң керектүү жана пайдалуу. Күн сайын аны ичебиз, жуунабыз, тамак жасайбыз, өсүмдүктөрдү сугарабыз. Бардык тирүү организмдер суу менен жашайт. Сууну сакта. Туура пайдалан. | Керек, ар бир, сактайбыз, кантип, эртең мененки, унутпа, аба, укта, ден соолук, кыймылда, катыш, бактылуу, тирүү, керектүү, пайдалуу, өсүмдүк, сугарабыз, пайдалан. |
| **5. Кийим-кече жана бут кийим**<br>1. Сен кандай кийим киесиң?<br><br>2. Кайсы мезгилде кандай кийим кийүү керек? | **4** | 1. Башкалар менен маектешүүнү демилгелейт;<br>2. Кайсы учурда кандай кийим кие турганын айтат, салыштырат;<br>3. Кийимдерин кандайча иретке келтирерин айтат, мисалдарды келтирет;<br>4. Кийим кийүү адебине, кеп маданиятына үйрөнөт. | Мектеп формасы – ак көйнөк, кара шым/юбка. Мектепке ак көйнөк, кара шым кием. Үйгө келгенде чечем. Жууйм, үтүктөйм. Илгичке илем. Туфлимди тазалайм. Дене тарбияга спорт кийимин кием. Таза кийимдерди шкафка салам. Кышында (жазында, жайында, күзүндө) ... кием.<br>• Атай, сага ... абдан жарашат.<br>• Апа, мага ... чак/чоңураак, | Мектеп формасы, үтүктөйм, илгичке, илем, дене тарбияга, спорт кийими, шкафка, салам, жарашат, чак экен, чоңурак, кичирээк, жылуу, жеңил |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | кичинерээк экен. | |
| 6. **Азык-түлүк, тамак-аш, идиштер**<br>1. Жакшы көргөн тамагым<br>2. Күн сайын жашылча-жемиш же<br>3. Кант кошулбаган шире, суулар пайдалуу<br>4. Идиш-аяктын түрлөрү.<br>5. Идиштер эмнеден жасалат?<br>6. Сатып алуулар. | **8** | 1. Өзү жактырган нерсени баяндайт;<br>2. Башкаларга эмне жагарын/жакпай турганын тактап сурайт;<br>3. Эмне үчүн ушундай ойлоорун түшүндүрөт;<br>4. Башкаларга пайдалуу нерселерди түшүндүрүп сунуштайт;<br>5. Керектүү учурда сүйлөшүүнүн темасын өзгөртөт;<br>6. Аңгемелешүүнү колдойт.<br>7. Азык-түлүк, ... сатып алууга көнүгөт. | Муздаткычта сүт, эт бар. Муздаткычта ... сактайбыз.<br>- Сүт бүгүнкүбү? - Ооба, жаңы.<br>- Эт канча турат? Канча төлөйм?<br>Иним апама жардам берет. Жакшы көргөн тамагы – манты. Ширени жакшы көрөм. Кант кошулбаган шире пайдалуу. Жер-жемиш жегиле. Жашылча-жемиш көп жеш керек. Идиш-аяктын түрлөрү көп. Мен апама жардам берем. Идиш жууйм. | сүт, эт, муздаткыч, казан, чайнек, табак, идиш-аяктын көлөмү, түсү, түрү, айнек идиш, жасалган, темир, күмүш кашык, ашайры. |
| 7. **Жашылча-жемиштер**<br>1. Жашылча-жемиштердин ден соолукка пайдасы<br>2. Мөмөлөр бышканда<br>3. Токойдогу мөмөлөр<br>4. Жашылча-жемиштерден эмнелерди жасайбыз? | **9** | 1. Эмнени жактырарын/жактырбай турганын түшүндүрөт;<br>2. Өз оюн билдирет, маалымат тактайт, толуктайт;<br>3. Бирөөдөн маалымат сурайт;<br>4. Башкалардын көңүлүн буруп, кайрылат;<br>5. Маекти демилгелейт, кошумча маалыматты тактайт;<br>6. Эмоцияларын билдирет. | Витаминдерди жашылча-жемиштерден, мөмөлөрдөн алабыз. Жемиштерди, мөмөлөрдү таза жууп жеш керек. Жашылчаларды тамакка кошот. Жемиштер бакчада өсөт. Жапайы жемиштер да болот.. Мөмөлөр токойдо, тоодо, талаада өсөт. | Мөмө, бышкан, кош, даракта, бадалда, өсөт, бакча жемиши, жапайы жемиш, жесе болот кулпунай, даамдуу, таттуу, ширелүү, бадыраң, помидор, картошка, капуста, сабиз, пияз, калемпир, түрп, шалгам, сарымсак, ашкабак, дарбыз, коон, түшүм, жыйна, жыпар жыттуу, тазалап же, жууп же-, кулпунай, кызыл. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **8. Жаныбарлар, канаттуулар**<br>1. Жаныбарлар кайда жашайт?<br>2. Кайсы жаныбарлар жапайы?<br>3. Жапайы жаныбарлар тууралуу эмнелерди билесиңер?<br>4. Жаныбарлар тууралуу фактылар. | **9** | 1. Жаныбарлар тууралуу маалымат билдирет, сурайт, тактайт;<br>2. Башкалардын оюна кошумча киргизет;<br>3. Эмоциясын (таң калуусун) билдирет;<br>4. Жаныбарларды коргоо тууралуу сунуштарын берет;<br>5. Бир нерсени экинчи нерсе менен салыштырып, артыкчылыктарын көрсөтөт.<br>6. Диалогду өз алдынча улантат, башкалардын айткан кебин толуктайт. | Жаныбарлар токойдо, тоодо, талаада жашашат. Кыргызстанда түрдүү жаныбарлар жана куштар бар. Алар: ... . Илбирс Кызыл китепке кирген. Биз жаныбарларды коргошубуз керек.<br>- Бул кайсы жаныбар?<br>- Кайда жашайт?<br>- Эмне жейт?<br>- Эмне жакшы көрөт?<br>- Алар кантип сүйлөшөт?<br>- Биз аларды кантип чакырабыз?<br>- Кантип кам көрөбүз? | Жаныбар, токойдо, тоодо, талаада, жашайт, туулган жер, коргош керек, уктайт, мамалак, илбирс, бүркүт, ак куу, жейт, тазалайт, сүйлөшөт, чакырабыз, кантип, кам көрөбүз. |
| **9. Жыл мезгилдери. Жаратылыш**<br>1. Жаз мезгили<br>2. Жаздын бир күнү<br>3. Жаз – жарыш, күз – күрөш<br>4. Жаратылыштын койнунда<br>5. Табиятта жүрүм-турум эрежелери | **6** | 1. Аңгемелешүүнү демилгелейт;<br>2. Аңгемелешүүнү пикир алышуу кырдаалына ылайык бүтүрөт;<br>3. Көрүнүштү сүрөттөйт, эмоциясын билдирет;<br>4. Окуяны баяндайт;<br>5. Жүрүм-турум боюнча бир нерселерди тыюу салат; Башка нерселерге уруксат берет. | Жаз мезгили – кооз. Кыргызстандын көлдөрү кооз. Соң-Көл Нарын облусунда жайгашкан. Ысык-Көл Ысык-Көл облусунда жайгашкан. Сары-Челек Жалал-Абад облусунда жайгашкан. Аны токой жана тоо курчап турат. Суусу абдан тунук жана муздак. Туристтер көп келишет. Дарактардын түрлөрүнө терек, арча, кайың, карагай кирет. Дарактар аябай пайдалуу. Жаратылышты коргойлу. | Облусунда, токой, тоо курчап турат, абдан тунук, муздак, туристтер, терек, арча, кайың, карагай, кирет, пайдалуу, коргойлу, сакта, корго, сүй, кара, жүрүм-турум, суктан, сонун, укмуш, таза. |
| **10. Оюндар. Майрамдар. Кызыгуулар, хоббилер** | **6** | 1. Бир нерсе тууралуу өтүнөт;<br>2. Майрамда башкаларды куттуктайт, каалоосун билдирет;<br>3. Оюндарды кызыктуу баяндайт; | Мектепте мелдеш болду. Ким тез чуркайт? Ким бийик секирет? Мелдешке ... катышты. Ким шамдагай? Биринчи орун, экинчи орун, үчүнчү орун. ... сыйлык алды. | Майрам, мелдешке, катышты, күчтүү, шамдагай, чуркайт, секирет, мыкты, кызыктуу, жарыш, шайыр, шамдагай, кече, майрам, туулган күн, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. Шайыр-шамдагайлар;<br>2. Жарыш;<br>3. Келгиле, достор, ойнойлу;<br>4. Сага кайсы майрам жагат?<br>5. Туулган күн. | | Жарышка катышууга чакырат;<br>4. Башкалардан окуялар фактылар тууралуу маалымат сурайт;<br>5. Эмне үчүн жага/жактай тургандыгын айтат. | Биз аны куттуктадык. Кечеге (майрамга, туулган күнгө) барабыз. Жакшы каалоо айтабыз. Ырдайбыз, бийлейбиз. | куттуктадык, каалоо, каалайм, |
| **11. Мекен (өлкө, шаар, айыл; менин туулган жерим)**<br>1. Ата Мекеним-Кыргызстан<br>2. Бишкек шаары.<br>3. Кыргызстандын кооз жерлери<br>4. Туулган жер<br>5. Мекен деген эмне? | **8** | 1. Адамдардын мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат сурайт;<br>2. Бир нерсени каалоосун билдирет;<br>3. Мекен тууралуу маалымат тактайт;<br>4. Шаардын көчөлөрүн, имараттарын, ажайып кооз жерлерин сүрөттөйт;<br>5. Сезимдерин (сыймыктануусун) билдирет. | Ата Мекеним – Кыргызстан. Кыргызстан-өз алдынча өлкө. Борбору – Бишкек шаары. Кыргызстанда көп улуттар жашайт. Менин улутум ... . Сенин улутуң ... . Биз абдан ынтымактуубуз. Биз өз элибиз, жерибиз менен сыймыктанабыз. Туулган жеримди сүйөм. Сен Кыргызстандын кайсы жерлерин билесиң? Башка облустарда болдуң беле? Башка жерлер тууралуу окудуң беле? | баалуу, өз алдынча, көп улут, көп улуттуу, байлык, бермети, ак карлуу, белгилүү, сыймыктанам, сыймыктанасың, сүйөм, сүйөбүз, Ата Мекен, облус, район, аймак, айыл, шаар, көчө, имарат, ишкана, бара алат, көрөт, колдойт, сүйүнөт, кам көрөт, коргойт. |
| **4-класс жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат** | | | | |
| **1. Мен жана менин үй-бүлөм**<br>1. Үй-бүлөдөгү салттар<br>2. Үй-бүлөдө бош убакытты кантип өткөрүшөт?<br>3. Туулган күн<br>4. Улууга урмат, кичүүгө ызаат | **11** | 1. Үй-бүлөсүн тааныштырат, маалымат берет;<br>2. Ар биринин келбетин, мүнөзүн сүрөттөп берет.<br>3. Башка бирөөнү үй-бүлөсүнө тааныштырат;<br>4. Үй-бүлөлүк майрамдар, эрежелер жөнүндө айтып берет.<br>5. Аңгемелешүүчүлөрдүн | Таанышып алгыла, бул менин ... . Ал ... жашта. Ал ... болуп иштейт . ... мүнөзү шайыр. ... мээримдүү, ак көңүл. ... бою узун/кичинекей. ... орто бойлуу. Атам билимдүү жана күчтүү. Апам абдан сулуу. Бош убакытта биз ... барабыз. ... көрөбүз. ... жасайбыз.<br>Менин ата-энем ... кызыгат. Бир тууганадарым ... . | Таанышып алгыла, мүнөзү, шайыр, мээримдүү, ак көңүл, бою узун/кичинекей, орто бойлуу, билимдүү, күчтүү, сулуу, бош убакытта, барабыз, көрөбүз, жасайбыз, кызыгат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5. ... келбети, мүнөзү | | социалдык ролдоруна ылайык коштошот;<br>6. Ыраазычылык билдирет. | | |
| **2. Мектеп. Класс. Достор**<br>1. Окуу жылы<br>2. Менин мугалимим<br>3. Менин окуу күнүм<br>4. Мектептин китепканасы<br>5. Мектептин короосу<br>6. Мектептеги иш-чаралар<br>7. Достор менен эс алуу | **12** | 1. Мектеп, класс, достор темасында сүйлөө этикетине жараша маекке катышат, байланыш түзөт.<br>2. Мектеп, сабактардын жүгүрт мөсү, тапшырмалар тууралуу лексиканын чегинде айтып берет. Маалыматты тактоо үчүн бирөөгө кайрылат. Кайрылууларга жооп берет.<br>3. Классташтары, иш-чаралар, үй тапшырмалары тууралуу сурап билет.<br>4. Кимдир-бирөөнүн каалоосуна, өтүнүчүнө, сунушуна, ишине өз пикирин билдирет.<br>5. Кимдир-бирөөнүн жасаган ишине, окуяга, нерсеге баа берет.<br>6. Башкалардын айтканына макулдугун/макул эместигин билдирет;<br>7. Өз көз карашын билдирет; өз позициясына туура келбеген пикирге каршы болуп, күмөн санаганын айтат, же макулдугун айтат; | Жаңы окуу жылы башталды. Биз быйыл төртүнчү класстабыз. Бир жылда төрт чейрек бар. Сабактардын жүгүртмөсү тактада илинип турат. Мектептер электрондук журналдар менен иштешет. Сабактардын жүгүртмөсү, өтүлгөн темалар, үй тапшырмалары, баалар электрондук журналга жазылат. Бизде бир күндө төрт-беш сабак болот. Ар бир чейректен кийин каникул болот.<br>Биздин класс жетекчибиз - ... . Ал ... сабагынан берет. Мага өзгөчө ... сабагы жагат, анткени мен ... кызыгам.<br>Биздин мектептин короосу кенен. Ишембиликте биз короobузду жыйнайбыз.<br>Мектепте ар кандай тематикада иш-чаралар өтүп турат. Биз аларга активдүү катышабыз. Дем алыш күндөрү досторубуз менен ... ойнойбуз. Эс алабыз. | Жаңы окуу жылы, быйыл, чейрек, сабактардын жүгүртмөсү, өтүлгөн темалар, тапшырмалары, сөздүк, баалар, чейректен кийин,<br>класс жетекчибиз, сабагынан берет, өзгөчө жагат, кызыгам,<br>мектептин короосу, кенен, ишембилик, короobузду жыйнайбыз,<br>ар кандай тематикада, иш-чаралар, катышабыз, ийрим, катышам, окуу китептери |
| **3. Эмгек. Кесип**<br>1. Кесип тандоо.<br>2. Түрдүү кесиптер. | **7** | 1. **Эмгек жана кесип** жөнүндө маалыматтарды сурайт, маекке катышат; | Ар бир адам чоңойгондо өзүнө кесип тандайт. Кесип – бул адамдын иши, жумушу. Дарыгер адамдарды дарылайт. | Чоңойгондо, тандайт, адамдын иши, жумушу, текшерет, дарылайт, окутат, үйрөтөт, түшүндүрөт, сурайт, |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 3. Аткарган иши.<br>4. Жакшы адис болуу.<br>5. Биз сыймыктанган адамдар. | | 2. Кесипти туура тандоонун баалуулугун түшүнөт.<br>3. Түрдүү кесиптердин биздин жашообуздагы ордун түшүнөт.<br>4. Аткарган иштери тууралуу кеңири маалымат сурайт, түшүнөт, айтып бере алат;<br>5. Башкалардын мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат сурайт, тактайт;<br>6. Бирөөлөргө кайрылып, маектешүүнү уюштурат. | Мугалим балдарды окутат. Куруучу үй курат. Айдоочу унаа айдайт. Ар бир кесип маанилүү жана пайдалуу.<br>Кесип тандоодо жакшы ойлонуу керек. Эгер бизге сүрөт тартуу жакса – сүрөтчү болсок болот. Эгер эсептөөнү жактырсак – бухгалтер же математик болсок болот.<br>Жакшы окуп, аракет кылсак, келечекте жакшы кесип ээси болобуз. | курат, унаа айдайт, маанилүү, тандоо, жакшы ойлонуу, жакса, эсептөө, жактыруу, кесип ээси болуу, жөндөмдүү, талanттуу. |
| **4. Адам (адамдын денеси, адамдын ден соолугу)**<br>1. Сергек жашоо образы.<br>2. Спорт менен машыгуунун пайдасы.<br>3. Туура тамактануу.<br>4. Активдүү эс алуу | **7** | 1. Сергек жашоо образынын маанисин түшүнөт.<br>2. Спорт менен машыгуунун пайдасы жөнүндө кепке катыша алат.<br>3. Туура тамактануу жөнүндө маалымат сурап, өз пикирин билдире алат.<br>4. Активдүү эс алуу боюнча маекке катышып, сунуш берет.<br>5. Башкалардын сунуштарын угуп, ыраазычылык билдирет;<br>6. Талкуугa катышып, макулдугун же макул эместигин билдирет. | Сергек жашоо — бул ден соолукка кам көрүү, туура тамактануу, спорт менен машыгуу жана таза абада көп жүрүү.<br>Күн сайын дене тарбия менен машыгабыз. Эртең мененки көнүгүүлөрдү жасайбыз.<br>Пайдалуу тамак жейбиз. Биздин ден соолугубуз чың. Маанайыбыз сонун.<br>Спорт — сергек жашоонун бир бөлүгү. Балдар футбол, волейбол ойношот. Сууда сүзүү, күрөш менен машыгышат. Спорт оюндарында балдар жаңы достор менен таанышат.<br>Активдүү эс алуу абдан маанилүү. Компьютерде көпкө чейин отуруу – зыян.<br>Таза абага чыгып сейилдейбиз. Достор менен кыймылдуу оюндарды ойноо - пайдалуу. Тоого чыгуу, велосипед тебүү - сергек жашоонун бөлүгү.<br>Сергек жашоо бала кезден башталат. Ар бирибиз спорт менен машыгып, ден соолугубузга кам көрүшүбүз керек! | Сергек жашоо, кам көрүү, туура тамактануу, таза абада, жүрүү, көнүгүүлөрдү жасоо,<br>чың, маанай,<br>сууда сүзүү, күрөш<br>көпкө чейин отуруу, зыян,<br>сейилдейбиз, кыймылдуу оюндарды ойноо, бала кезден. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **5. Кийим-кече жана бут кийим**<br>1. Жыл мезгилине жараша кийинүү<br>2. Жарашыктуу кийим кийүү<br>3. Ыңгайлуу кийимдер<br><br>4. Кийимиңди таза карма. | **3** | 1. Жыл мезгилине жараша кийинүү керек экендигин айтып берет;<br>2. Ата-энесинин жана улуулардын пикирлерин угуп, өз каалоосун билдирет;<br>3. Жарашыктуу кийинген кишиге мактоосун (комплимент) айтат;<br>4. Учурга жараша кийинүү талаптарын түшүнүп, айтып берет. | Биз жыл мезгилине жана аба ырайына жараша кийинебиз. Кышында ... киебиз. Жазында ... киебиз. ... Кийим кийүүдө улуулардын сунушун угабыз.<br>Ар бир мезгилде аба ырайы ар кандай болот. Кышында суук болгондуктан, жылуу кийим кийүү керек. Жайында күн ысык. Ошондуктан жеңил, жука кийим киебиз.<br>Кийимди учурга жараша тандаган туура. Мектепке барганда таза, тыкан форма киебиз. Майрамга кооз жана жарашыктуу кийим кийсе болот. Спорт менен машыгууда спорттук кийим ыңгайлуу болот. Досторубузга/курбуларыбызга комплимент айтабыз. Комплимент баарына жагымдуу болот. Мисалы: «Сага бул көйнөк абдан жарашат экен! Комплимент адамдын маанайын көтөрөт жана достукту бекемдейт.<br>Биз ар дайым тазалыкты сактайлы. Мезгилге жана учурга жараша кийинели. Досторго/курбуларга жакшы сөздөрдү айтып жүрөлү! | аба ырайына жараша,<br><br>сунушун угабыз,<br><br>жылуу кийим, жеңил, жука, учурга жараша, тыкан форма, жарашыктуу кийим, комплимент айтуу, жагымдуу маанайын көтөрөт, достукту бекемдейт, кийинели, айтып жүрөлү. |
| **6. Азык-түлүк, тамак-аш, идиштер**<br>1. Азыктын түрлөрү. 2. Улуттук тамак-аш<br>3. ... жасаганды үйрөндүм. | **8** | 1. Маалыматтарды тактайт, сурайт;<br>2. Башкалардын оюна кызыгат;<br>3. Эмоцияларын (кызыгуусун) билдирет;<br>4. Аңгемелешүүнү демилгелейт;<br>5. Башкалардын суроолоруна жооп берет; | Балдар, адатта, убактысынын көбүн мектепте өткөрүшөт, ошондуктан алар күнүнө жок дегенде бир жолу пайдалуу шорпо же ботко жегени абдан маанилүү. Анткени, толук жана тең салмактуу тамактануу оорулардын алдын алууга, ишинин натыйжалуулугун жана окуудагы жетишкендиктерин жогорулатууга, | Өткөр-, адатта, ботко, шорпо, тең салмактуу, тамактануу, комплекстүү, түзмөк, тамак-аш, пайдалуу, зыяндуу, түшкү, сүт азыктары, идиш жуу-, аарчы-, ордуна коюу, чыны, табак, мискей, кесе, чара, көөкөр, казан, кашык, айры, чай кашык, кол |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. Кооз идиштер.<br>5. Мектептин ашканасында. | | 6. Талкууга катышып, макулдугун же макул эместигин билдирет; | балдардын физикалык жана психикалык өнүгүүсүнө көмөктөшөт. Балдар ... жакшы корүшөт. Сага кайсы тамактар жагат? | аарчы, майлык, сүлгү, тазала-, сүрт-. |
| **7. Жашылчалар жана жемиштер**<br>1. Кургатылган жемиштен компот<br><br>2. Мөмөнүн даамын татып көр<br>3. Мөмөлөрдүн түрлөрү | **9** | 1. Кызыккан нерсе тууралуу сүйлөшүп, коммуникацияга чыгат;<br>2. Топто аңгемелешүүнү демилгелейт;<br>3. Сунуштарды берип,.аңгемелешүүнү колдойт;<br>4. Керектүү учурда аңгемелешүүнүн темасын (багытын) өзгөртөт;<br>5. Башкалардын сунуштарын угуп, ыраазычылык билдирет;<br>6. Адамдардын мүмкүнчүлүктөрү тууралуу маалымат сурайт;<br>7. Бир нерсени каалоосун билдирет; | Жашылча-жемиштер адамдарга абдан керек. Алар - ... азыктар. Жашылча-жемиштерди өстүрүү ... . Дыйкандар жазында жерди даярдашат. Топуракты жумшартып, ага уруктарды себишет. Өсүмдүктөрдү ... сугарып туруу керек. ... көп суу талап кылат, ... күндү жакшы көрүшөт... зыянкечтерден жана оорулардан коргоо да маанилүү. Жайында, күзүндө ... жыйнап алуу керек.Жашылча-жемиштерди өзүбүз өстүрсөк, ... азык алабыз. Өсүмдүктөрдү өстүрүү – … иш. ... курамында көптөгөн витаминдер болот. Жашылчалар тамак-ашты даамдуу жана пайдалуу кылат. Жемиштердин кактары … ден соолукка пайдалуу. Какты … жасашат. Кактарда көптөгөн витаминдер жана пайдалуу заттар сакталат. Алар узак убакыт сакталат.Кактарды чайга салып ичсе даамы жакшы болот. Аларды десерт катары да колдонсо болот. Кактан … кайнатышат. Дан эгиндери – …, … . Дан эгиндеринен …. жасалат. Буудай — эң негизги дан өсүмдүгү. Анын унунан … жасайбыз. Жүгөрү жана күрүч да пайдалуу азыктар. Аларды өстүргөн дыйкандарга чоң рахмат айтабыз! | Мөмө, урук, табигый азыктар, дыйкандар, топурак, жумшартуу, үзгүлтүксүз, талап кылуу, зыянкеч, как, кургатуу, атайын, меш, дан эгиндери, арпа, негизги азыгы, ыраазы. |
| **8. Жаныбарлар, канаттуулар**<br>1. Жаныбарлардын | **9** | 1. Окуялар тууралуу маалымат сурайт;<br>2. Кайсы канаттуулар кайсы себеп | Жапайы жаныбарлар — токойдо, талаада, тоодо жашайт. Ар бир жаныбар баласын багат жана коргойт. | Ак куу, үкү, таранчы, сагызган, көгүчкөн, кыштоочу канаттуулар, келгин куш, карга, чабелекей, ала |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| балдары<br>Канаттуулар<br>2.<br>3. Келгин куштар. Аларга кам көрүү. канаттуулар<br>4. Кыштоочу канаттуулар<br>5. Кызыл китептеги жаныбарлар жана куштар | | менен учуп кетерин сурайт;<br>3. Башкаларга билгенин түшүндүрөт;<br>4. Чыйырчык жөнүндө фактыларга кызыкканын билдирет;<br>5. Канаттуулардын кооздугуна суктануу сезимин билдирет;<br>6. Куштардын жашоосуна тынчсыздануусун айтат. | Аюунун баласы – мамалак. Карышкырдын баласы – бөлтүрүк. ...<br>Үй жаныбарлары — адамдын үйүндө же чарбасында багылат. Аларга уй, кой, эчки, жылкы, төө, тоок жана ит-мышыктар кирет. Алардын балдары: уйдун баласы - музоо, кой баласы-козу ...<br>Биз аларга кам көрүп, жакшы мамиле кылышыбыз керек.<br>Бардык канаттуулар учуп кетеби? Кышында да, жайында да кайсы канаттуулар жашайт? Эмне үчүн кыштоочу канаттуулар сууктан коркпойт?<br>Бул канаттуулар кышында өздөрүнө тамак табышат. Алар мөмөлөрдү чокулашат, курт-кумурскаларды жешет. - Канаттуулар кышка кандай даярданышат? - Алар адамдардын үйлөрүнө жакын келип кышташат.<br>- Канаттууларга кандай жардам бере алабыз?<br>- Кышында канаттууларга жем берүү керек. Биз аларга жем чачып турушубуз керек. | чыйырчык, жылкычы чымчык, жүнү, тумшугу, учат, конот, бөлтүрүк, бачики, бөжөк, музоо, козу, улак, кулун, курт-кумурска, жем. |
| **9. Жыл мезгилдери. Жаратылыш**<br>Ар бир жыл мезгили маанилүү<br>Кыш болбогон өлкөлөр<br>Жайы-кышы жапжашыл дарактар | **6** | 1. Сүйлөө этикетине жараша байланыш түзүп, бизди курчаган дүйнө жөнүндө маалымат алат.<br>2. Дүйнө таанымын өстүрө турган суроолорду берип, өз билимин өркүндөтөт.<br>3. Алган билимин башкалар менен бөлүшөт. | Ар бир жыл мезгилинин өзгөчөлүктөрү бар. Кыш ызгаардуу болот. Адамдар калың кийинип, үйлөрүн жылытышат.<br>Жаз — жаратылыштын ойгонгон мезгили. Дарактар бүрдөйт, гүлдөр ачылат. Бул мезгилде дыйкандар жер айдап, уруктарды себишет.<br>Жай — эң ысык мезгил. Күнү узун, түнү кыска.<br>Күз — түшүм жыйноо мезгили. | Укмуштуудай, жөө саякат, сыртта эс алуу, түндүк, түштүк, өрөөн, өзгөчөлүк, ызгаардуу, бүрдөө, жер жүзү, жыл бою, карагай, кызыл карагай, арча, ичке, ийне, чыдамдуу, муктаж, мындан тышкары, тамчы. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Табият таануу сабагында | | 4. Түшүнбөгөн нерселерин тактап, өз оюн билдирет.<br>5. Кандайдыр бир нерселерге, фактыларга карата кыскача баа берет. | Ар бир жыл мезгили өзгөчө кооз.<br>Жер жүзүндө кыш болбой турган өлкөлөр да бар. Мындай өлкөлөргө ... кирет.<br>Жайбы, кышпы – дайыма жашыл бойдон тура берген дарактар бар. Алар кышында жапжашыл бойдон калат.<br>Мисалы: карагай, кызыл карагай жана арча. Бул дарактардын жалбырактары ичке, узун же ийнеге окшош болот. Алар суукка чыдамдуу жана бийик тоолордо да өсө берет. Адамдарга таза аба берет.<br>Суу — биздин жашообуздун маанилүү бөлүгү. Адамдар, жаныбарлар жана өсүмдүктөр жашоо үчүн сууга муктаж. Суу жок жашоо болбойт.<br>Ал бизге электр энергиясын берет.<br>Ар бир тамчы суу – абдан маанилүү. | |
| **10. Оюндар. Майрамдар. Кызыгуулар**<br>1. Кызыгуулар дүйнөсү<br>2. Кыймылдуу оюндар<br>3. Балдарды коргоо күнү<br>4. Кайсы оюнду ойнойлу? | **6** | 1. Сүйлөө этикетине жараша байланыш түзүп, бизди курчаган дүйнө жөнүндө маалымат алат.<br>2. Дүйнө таанымын өстүрө турган суроолорду берип, өз билимин өркүндөтөт.<br>3. Алган билимин башкалар менен бөлүшөт.<br>4. Түшүнбөгөн нерселерин тактап, өз оюн билдирет.<br>5. Кандайдыр бир нерселерге, фактыларга карата кыскача баа берет.<br>6. Башкаларга кайталангыс кызыгуулар дүйнөсүн кызыктырып сүйлөп берет; | Кыймылдуу оюндар чуркоо, ... . Мындай оюндарга ... кирет.<br>Кыймылдуу оюндар ден соолукка пайдалуу. Алар аркылуу дене чыңалат, булчуңдар өсөт жана балдардын көңүлү көтөрүлөт. Оюн учурунда балдар бири-бири менен достошот.<br>Айрым оюндар топ менен ойнолот.<br>Кыймылдуу оюндар – спорттун жөнөкөй жана кызыктуу түрү.<br>Алмаз мозаикасы деген эмне?<br>Таштарды кантип туура жайгаштырасың?<br>Лего менен эмнелерди курайсың?<br>Лего кыйынбы?<br>Мен кандай баштасам болот?<br>1-июнь кандай күн экенин билесиңби? | Кызыгуу, өнүгүү, пайдалуу, оюнчу, кезеги менен, ыкчамдык, тапкычтык, шайыр, күлкү<br>кыймылдуу, «Жоолук таштамай», чыңалуу, булчуң, алмаз мозаикасы, желим, жалтырак, кыйын, жөнөкөй, укук, көргөзмө, жайгаштыруу, курайсың, белгилешет, кут болсун. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 7. Үй-бүлөсү менен чогуу бир хоббиси тууралуу башкалардан сурайт, тактайт, кошумчалайт; | Бул күндү эмне үчүн белгилешет?<br>Биздин ... болот.<br>Мен ыр айтам. А сенчи?<br>Майрамыбыз кут болсун! | |
| **11. Мекен (өлкө, шаар, айыл; менин туулган жерим)**<br>1. Мекенди сүйүү деген эмне?<br>2. Мекениңе кандай кызмат кыласың?<br>3. Мекениң тууралуу эмнелерди билесиң? | **8** | 1. Мекен тууралуу аңгемелешүүчүнүн суктанып айтып берүүсүн пайда кылат;<br>2. Башкалардан мекенге жакшы мамиле кылууну өтүнөт;<br>3. Кызмат кылууга кеңешти билдирет;<br>4. Башкаларга өз оюн айтууну сунуштайт;<br>5. Өз каалоосун билдирет; | Ар бир адамдын өз мекени болот. Биздин мекенибиз – Кыргызстан. Ал өз алдынча эркин мамлекет. Ата Мекенибиз өз ата-энебиздей ыйык. Кыргызстандын борбору - Бишкек. Биздин өлкөдө ар улуттун өкүлдөрү жашайт. Мен Кыргызстанды (Бишкек шаарын, айылымды, жеримди) жакшы көрөм. Сулайман тоосу (Манастын күмбөзү, Бурана ...) кайда жайгашкан? | өз алдынча, эркин, мамлекет, Ата Мекенибиз, өз ата-энедей ыйык, ар улуттун өкүлдөрү, айылымды, жеримди, сүйөм, Манастын күмбөзү, жайгашкан, күмбөздө, Манастын эстелиги, кырк чоросу, тургузулган. |
| **5-класс жумасына 2 сааттан, жыл бою 68 саат** | | | | |
| **1. Мен жана менин үй-бүлөм**<br>1. Силердин үй-бүлөңөр кандай?<br>2. Үй-бүлөдө ким эмне жумуш кылат?<br>3. Сенин үйүң кандай?<br>4. Биздин келечек | **7** | 1. Бирөөнүн оюн угуп, толуктайт.<br>2. Өз оюн тактап, түшүнүрөт.<br>3. Үй-бүлөлүк дарагын чечмелеп, өз кебин аргументтейт.<br>4. Башкалар менен кеңешип, бирөөнүн суроосуна жооп берет;<br>5. Маекти демилгелейт, башкалардын көңүлүн буруп сүйлөйт;<br>6. Өз иш-аракеттерин баяндайт;<br>7. Ой жүгүртүүсүнө далилдерди келтирет.<br>. | Үй-бүлө кандай? Биздин үй-бүлө ынтымактуу, бактылуу, чоң/чоң эмес үй-бүлө. 7 атаңды айтып бер. Менин атым ..., фамилиям ... .Менин атам ... Менин апам ....Менин чоң атам ... Менин чоң апам ... Менин атамдын атасы ... Менин атамдын апасы ... Менин апамдын апасы ... Менин апамдын атасы ... Менин атамдын эжеси ... Биз бири-бирибизди сыйлайбыз, жакшы көрөбүз, белек беребиз. Иним сүрөт тартат. Ким кимди чакырды (көрдү, узатып койду, жакшы көрөт)? Үйүңөрдө канча бөлмө бар? Үйдө ... бөлмө бар. Алар ... | Ынтымактуу, бак-таалайлуу, бактылуу, бирге, чогуу, сыйлайбыз, жакшы көрөбүз, белек беребиз, келечек, чакырды, өзгөчө, баалуу, узатып койду, сагынат, кам көрөт, байлык. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **2. Мектеп. Класс. Достор**<br>1. Достор менен бирге эс алуу<br>2. Достук деген эмне?<br>3. Ынтымактуу класс<br>4. Үлгүлүү класс<br>5. Мектептеги иштер | **7** | 1. Аңгемелешүүнү демилгелейт;<br>2. Башкалардын суроолоруна жооп берет;<br>3. Талкууга катышып, макулдугун же макул эместигин билдирет; | Майрамдарды чогуу майрамдайбыз. Кино көрөбүз. Китеп окуйбуз. Дос, достук деген сөздөрдүн маанисин сүйлөшөлү. Биздин класс ынтымактуу (биримдиктүү, бирдиктүү) Себеби класстагы окуучулар бири-бирин сыйлайт, урушпайт. Жок, биздин класстын окуучулары ынтымаксыз. Мен айтканыңа кошулбайм. Себеби, балдар кээде урушуп кеткени менен, бири-бирин сыйлайт, жардам берип турушат. Класстын атынан жарыштарга катышат. | Майрамдайбыз, мааниси, ынтымактуу, биримдиктүү, бири-бирин сыйлайт, урушпайт, жарыштарга катышып, намыстан, намыс, адилеттүү, акылдуу, сыйлуу. |
| **3. Эмгек. Кесип**<br>1. Ар бир кесип ардактуу<br>2. Ар бир кесип маанилүү<br>3. Сүрөтчү<br>4. Мага жаккан кесип | **6** | 1. Кесиптердин маанилүүлүгү тууралуу, кайсы бир кесиптин анын көз карашындагы артыкчылыгын баалайт;<br>2. Кесип тандоо боюнча классташтарына кеңеш берет:<br>3. Ролдоштурган оюн учурунда интервью берген маектешүүчү менен адептүү учурашып, сылык маектешип, коштошот. | Куруучу – ардактуу кесип. Себеби куруучулар кооз жана бекем үйлөрдү курушат. Сүймөнкул Чокморов – дүйнөгө белгилүү сүрөтчү, киноактёр, эл артисти. Кайсы кесип дүйнөдө эң ардактуу жана кызыктуу деп ойлойсуңар? Мен элчи болгум келет, анткени Мекенимдин намысын коргойм. | Куруучу, ардактуу кесип, куруучулар, кооз жана бекем, курушат, дүйнөгө белгилүү, сүрөтчү, киноактёр, эл артисти, эң ардактуу, кызыктуу, тигүүчү тиккен, кийим, адамдарды келишимдүү, көрсөтөт, элчи болгум келет, элдик, намысты коргойт. |
| **4. Адам (адамдын денеси, адамдын ден соолугу)**<br>1. Дениң таза болсо, дилиң да таза болот<br>2. Спорт менен машыгалы<br>3. Менин жашоомдогу спорт | **4** | 1. Ден соолук чың болуш үчүн сунуштарды берет;<br>2. Башкалардын оюн сурайт, пикирин угат; кошумчалайт.<br>3. Спортко мамилесин тактайт;<br>4. Ким спорттун кайсы түрү менен машыгарын сурайт, өзү тууралуу жооп берет. | Биринчи байлык – ден соолук. Дене тарбия – ден соолукка табылбас дары. Мен быйыл Ысык-Көлдө лагерде эс алдым. Көлдө сүзүп чабак урдум, кайык айдадым. Ошондой эле теннис ойнодум. Футболдун мекени – Англия өлкөсү. Топту кол менен дарбазачы гана кармайт. Футболду бүт дүйнө ойнойт. Мен спорт менен машыкканды жакшы | Биринчи байлык, ден соолук, дене тарбия, табылбас дары, лагерде эс алдым, көлдө сүзүп, чабак урдум, кайык айдадым, теннис ойнодум, футболдун мекени, топту кол менен, дарбазачы, кармайт. Дүйнө, спорт менен машыкканды жакшы көрөм, спорт менен машыгуу, ден соолук |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. Менин күнүм. | | | көрөм. Спорт менен машыгуу ден соолук үчүн пайдалуу. Мен эрте менен саат алтыда турам. Физзарядка жасайм. | үчүн пайдалуу, физзарядка жасайм. |
| **5. Азык-түлүк, тамак-аш, идиштер**<br>1.Дүкөндөгү азык-түлүктөр<br>2. Тамак-аштын мааниси | **4** | 1. Аңгемелешүүнү пикир алышуу кырдаалына ылайык бүтүрөт;<br>**2.** Тамак-аш сатып алган учурду ролдоштурганда дүкончү.маектешүүчү менен адептүү саламдашып, сылык маектешип, коштошот. | ... дүкөнгө барды. Ал дүкөн кандай дүкөн? Ал дүкөн ... дүкөн. ... эмне сатып алыптыр? Мен азык-түлүк дүкөнүнө көп барам. Дүкөндө бакалея бөлүмү, суусундуктар, кондитер азыктары бөлүмү бар. Дүкөндүн текчелеринде азык-түлүктөр көп. Дүкөндүн ичи таза жана иреттүү. | Азыктар, сүт азык, эт азыктар, бакалея, суусундук, кондитер азыктары, текчелер, азык-түлүккө толтура, иреттүү, ыңгайлуу, жагымдуу, сылык, тамак-аш, тамактануу, тамактанам. |
